**5** Б. Абдразаков: **Бакиев «Акаевден эки эсе» деп аткарды**



**9** Н.Токтосунова: **«Сүйлөшүп, түшүнүшүү маданияты бар»**



Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

27-август, 2015-жыл
№15 (15)
saresep.kg



Мектеп формасы бизде жана дүйнөдө

6-бетте



Жерүй алтын кенинде казылбай жатып эле кырылыш

11-бетте



Бишкекте көк бөрү майрамы башталды

13-бетте



3-бетте

# Путин Үркүнду «кыргын» дей алабы






## Чолпон-Атада II Эл аралык экономикалык форум өтүүдө

Эки күнгө созулган Эл аралык экономикалык форумга Кытай, Россия, Түркия, Казакстан, Улуу Британия, Катар мамлекеттеринин расмий өкүлдөрү, ишкерлер катышууда.


Кытай жетекчилиги демилгелеп жаткан Жибек Жолу экономикалык алкагын түзүү долбооруна Кыргызстан активдүү катыша турганын биринчи вице-премьер-министр Тайырбек Сарпашев Чолпон-Атада өтүп жаткан II Эл аралык экономикалык форумдун жүрүшүндө билдирди. Маалыматка ылайык, экинчи ирет өтүп жаткан эл аралык иш-чара Чыңгыз Айтматов атындагы "Рух Ордо" маданий борборунда бүгүн, 26-август күнү өз ишин баштады.

Алгачкы форумдан берки бир жыл ичинде Кыргызстан ЕАЭБ курамына киргенин, бул мамлекеттин тарыхында олуттуу кадам экенин биринчи вице-премьер-министр белгиледи. "Кыргызстандын ЕАЭБге кошулуусу менен биримдикке мүчө мамлекеттердин өз ара кызматташуусун өнүктүрүүгө ыңгайлуу шарт түзүлүп жатат. Мындан тышкары, Кыргызстанда иштеген инвесторлор жана ишкерлер үчүн 170 миллион адамды кучагына алган жалпы рынокко чыгуусуна жол ачылды", — деди чиновник. Сарпашев быйылкы форумдун географиясы кеңейгенин, бул иш-чаранын аброюн арттырарын кошумчалады.



## Алтын куймаларга талап жогорулоодо

Валюталык рыноктогу олку-солкулук өлчөнгөн алтын куймаларга болгон суроо-талаптын көбөйүшүн пайда кылууда. Бул тууралуу Улуттук банктын төрагасы Толкунбек Абдыгулов билдирди. Анын айтымы боюнча өлкөнүн калкы көп учурда инвестициянын каражаттарына көңүл буруууда. Элдер валютаны акча салуунун ишенимсиз каражаты катары карай башташты. Валюталык рынокто доллар менен евронун баасы кескин жогорулап баштаганда, адатта алтын куймалардын сатылышы көбөйөт. "Бүгүнкү күндө 30 килограмм алтынды сатып, аны кайра эле сатып алып жатабыз. Учурда элдин колунда 25 килограмм алтын куймалары бар. Эл бардыгына байкоо сала баштады. Алтындын баасы аларга кирешелүү экенин көргөндө, алар дароо эле куймаларды сатып ала башташат. Жакында биз алтын куймаларын сатуунун программасынын экинчи этабына киришебиз".



# Кечээки улак тартыштын жылдыздары "Ак-Талаа" командасы


Кечээ 26-августта Бишкектеги "Аккула" ат майданында Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу үчүн жүрүп жаткан командалык оюндардын экинчи күнү. Бул күнү алгачкылардан болуп "Сары-Өзөн" жана "Аккула" командалары ат салышты. "Сары-Өзөн" командасынын оюнчулары "Аккула" командасынын тай казанына 25 улак ыргытып ири эсеп менен жеңишке жетишишти. Кийинки оюн "Бөрүлү" жана "Достук" командаларынын ортолорунда жүрдү. Эки команда тең мыкты даярдыкта болгондуктан айыгышкан салгылаш болуп өтүп, оюн командалардын тең чыгуусу менен аяктады. Көрүүчүлөрдүн купулуна толгон оюн "Бакай-Ата" жана "Ак-Талаа" командаларынын ортосунда болду. Бул оюн көпчүлүк күткөндөй "Бакай-Ата" командасынын эмес, "Ак-Талаа" командасынын жеңиши менен аяктады. Бул күнү "Ак-Талаа" командасынын оюнчулары эң мыкты даярдыкта келгендиктен эсеп жалпысынан 9 улакты таштаган "Ак-Талаа" командасынын пайдасына чечилди. Кийинки оюн "Кадамжай" жана "МВД" командаларынын ортолорунда жүрүп улак тартыш 1 тайм менен аяктады. "Кадамжай" командасынынан оюнга 6 эле оюнчу катышкандыктан мыкты оюн көргөзө алышкан жок. "МВД" командасынын оюнчулары атаандашынын тай казанына баш-аягы 8 улак салуу менен жеңишке жетишти.

# И.Раззаков тууралуу кинотасма Эгемендүүлүк күнү көрсөтүлөт

Белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмер, улуу атуулубуз Исхак Раззаков тууралуу тартылган көркөм тасма республикабыздын кинотеатрларында 31-август – Эгемендүүлүк күнү көрсөтүлөт. Бул тууралуу "Кабар" агенттигине аталган тасманын режиссеру жана башкы ролду аткарган Алим Токторов билдирди.

"Коомдук жана мамлекеттик ишмер Исхак Раззаков тууралуу тартылган көркөм тасма быйыл жай айларында эле аяктаган болчу. Бирок, алдын ала көргөн учурда тарыхчылар, И. Раззаковдун замандаштары жана кинотармагындагы адистер бир топ сунуштары менен сынпикирлерин айтышкан болчу. Ошондуктан, биз тасманын айрым жерлерине өзгөртүү, кошумча-алымчаларды киргизип, 31-август–Кыргызстандын Эгемендүүлүк күнүндө көрүүчүлөргө тартуулоону чечтик. Өткөн жумада маданият, маалымат жана туризм министрлигинин имаратында ошол оңдолгон варианты сунушталып, жактырылды. Жалпы убактысы бир жарым саатка жакын тасма алгач Бишкектеги "Манас" кинотеатрында 31-август күнү саат 11:00дө ачылыш салтанаты менен башталат. Мындан тышкары Тарых музейи менен Ош филармониясында да көрсөтүлөт. Андан соң республикабыздын башка аймактарында көрүүчүлөргө тартууланмакчы", - деди ал.

А. Токторовдун айтуусунда, "Исхак Раззаков" тасмасын тартууга мамлекеттен бир сом да берилген эмес. Кино тартууга кеткен каражатты режиссер өзү тапкан.



Ошондой эле ага туугандары, лейлектик ишкерлер менен сүлүктүлүк шахтерлор демөөрчүлүк көрсөтүшкөн.

# 2 млн 521 миң 503 шайлоочу бар

Кыргыз Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы 25-августта Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссияга 71 миң345 жарандан турган шайлоочулардын кошумча тизмесин берди. Мындан мурда да, 15-августта шайлоочулардын алгачкы тизмесин тактап, 2 417 407 жарандын, 23-августта такталган 33 182 жарандын тизмесин берген болчу. Тактоо иштеринин жүрүшүндө так дареги жок 2 579 жаран аныкталып, каза болгон 3010 шайлоочу тизмеден өчүрүлгөн. Ошентип бүгүнкү күндө шайлоочулардын жалпы тизмеси 2 млн. 521 миң503 жаранды түзөт. Мындай маалыматты МКК (Мамлекеттик каттоо кызматы) маалымат кызматынын бөлүм башчысы Чынара Усупбаева билдирди.

КРдин Конституциясынын шайлоолор тууралуу тиешелүү мыйзамдарына ылайык, шайлоочулардын тизмесин тактоону МКК жүргүзөт.



Быйыл 4-октябрда инновациялык технологияларды колдонуу менен болуучу парламенттик шайлоо КРдин биометрикалык каттоодон өткөн жарандары гана катыша алышат. Биометрикалык каттоо шайлоонун таза, калыс, адилет өтүшүн камсыздаган негизги шарт болуп саналат. Анда бир ирет добуш берген шайлоочунун экинчи ирет кирүүсүнө жол берилбейт.

Учурда МКК Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссия менен биргеликте биометрикалык маалыматтардын негизинде шайлоочулардын тизмесин тактоо иштерин жүргүзүүдө.

25-августта БШКнын төрагасы Түйгунаалы Абдраимов шайлоочулардын тизмеси так болбогондугу жана сапатсыз даярдалгандыгы үчүн МККнын жетекчилигин сындаган болчу

# Путинге Үркүндү "кыргын" дедирткенге негиз барбы?

1916-жылдагы окуяларга арналган эскерүүнүн негизги жери Ата-Бейит болот деп чечилди. Бийликтин бул чечими илимий жана саясий коомчулукта эки жылдан бери келе жаткан курч дискуссияларды кайра жандандырды. Биз буга чейинки болуп келген талкуулардын багыттарын аныктоого аракет кылуу менен бирге батышчыл этнопсихологдордун Үркүн тууралуу пикирлерин кошо сунабыз



ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

### Кыргыз тарапты бир өңчөй баа берүүгө түрткөн окуя

Кыргыз тарыхчыларынын Орусия тарапка болгон мамилесинин радикалдуу багытка бет алуусуна бул өлкөнүн Тышкы иштер министрлигинин алдында түзүлгөн "Элдик дипломатияны колдоо боюнча Горчаков фондунун" бир опурталдуу чечими себеп болду. Ал фонд Орто Азиядан жалгыз Кыргызстандын Беловодск айылындагы "Жети-Суу казак-орус кошууну" коомдук бирикмесинин долбоорун колдоого алган. Бул долбоор 1916-жылкы кандуу окуянын жүз жылдыгына карата тарыхый фактыларды кайрадан карап чыгууну көздөйт. Беловодскидеги Жети-Суу казактарынын атаманы Геннадий Баженов Октябрь ыңкылабына чейинки архивдерди көтөрүү менен бурмаланган тарыхый фактыларды калыбына келтирүү демилгесине токтолуп, "Адамдарга чыныгы тарыхты көрсөтүш керек. Азыр АКШ дүйнөгө өз талабын коюп жаткан сыяктуу Улуу Британия ошол учурда Түркияга, Европага таасир этип, согуш отун тутандырып турган. Мында байлар Орусияга каршы көтөрүлүп, канчалаган орустар өлтүрүлгөн. Ошондуктан абал оорлоп, падыша Николай II дүйнөлүк биринчи согуш жүрүп жаткан Батыш фронтунан бул жакка эки полкту которууга аргасыз болгон" деп айткан. Мунусу менен Баженов Орус падышачылыгынын Кыргызстандагы мыкчыгерлери 1917-жылга чейинки расмий отчетторунда Үркүндүн чыгышын чет элдик тыңчылардын жергиликтүү элди козуткан кутуму жана аймактагы диний-пантүркисттик идея менен байланыштырышкан.

### Кыргыз тарыхчыларынын пикири

Кыргызстандын Беловодск айылындагы "Жети-Суу казак-орустар кошууну" коомдук бирикмесинин 1916-жылкы кандуу окуянын жүз жылдыгына карата тарыхый фактыларды кайрадан карап чыгуу аракетине Кыргыз улуттук университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Токторбек Өмүрбеков курч баа берген. Ал казак-орустар кошууну ошол кезде ойдон токулган уездик документтерге таянып, бүтүм чыгарууга жандалбастап жаткандыгы тууралуу "Алар өздөрүнүн кандуу кылмышын акташ үчүн капкаяктагы шылтоолорду ойлоп табышкан. Ошол кезде Түркиянын тыңчылары келип, диний ажырымды күчөтүп, элди орустарга каршы козуткан дешкен. Пантүркизм азыркыга чейин сиңбеген кыргыздар кантип анан ошол идеянын арты менен орус падышачылыгына каршы чыксын? Бул жалаа болгон. Уезддерди Германия Түркия аркылуу кийлигишип, элди козутту дешкен. Азыр Германия дей алышпай, Англия дегенге өтүп алышкан турбайбы. Биринчи бул жерге казак-орустар келишкен. Алардын ар бирине 36 гектардан жер берилген. Алар жергиликтүү калкка камчы үйрүп, каалагандай калчап турган. Уруштун себеби ошол эзүүдөн чыккан. Анан эми ошолордун укум-тукумдары "тарых андай эмес, мындай болгон" деп, бизге оюн таңуулаганы чыккан тура. Буга чейин кыргыз тарыхчылары курч жагдайларды атайлап айтпай эмес. Казак-орустар өздөрү тескерисинче жүз жылдан кийин кайра ал идеясын жанданта баштаган тура. Бул эски салтты улоонун көрүнүшү. Мындайга жол бербөө керек. Мунун бардыгы бурмалоо" деп айткан.

Илимий чөйрөнүн радикалдашуусуна себеп болгон бул окуя акыры Орус империясы ошол 1916-жылы эле бул окуя боюнча күнөөсүн мойнуна алганын тарыхый далилдер бар дедиртти. Буга Орус империясынын IV чакырылыштагы Думасы Түркстандагы боштондук көтөрүлүштүн чыгуу себептерин иликтөө боюнча комиссия түзүп, аны ошол учурдагы белгилүү саясатчы Керенский жетектеген. Иликтөөнүн жыйынтыгында, анын "Бул окуя боюнча бардык күнөө кечирилгис, укмуштуудай мыйзамсыздыкка жол берген орус бийлигине ооп турат" деген сөздөрүн далил катары келтиришкен. Мунун натыйжасында кээ бир саясатчылар "Ошол кыргын кыргыздардын демографиялык абалына канчалык таасир эткенин бүгүнкү күнгө чейин сезип келебиз. Орусия дүйнөгө тажрыйба көрсөткөндөй, кандуу булоондо жок кылынгандардын урпактарынан кечирим сурап, кун төлөп бериши керек" деген демилге көтөрүшүүдө.

Коомчулук тарабынан бийликтен көз карандысыз комиссия түзүлүп, алар 1916-жылдагы окуяга тарыхый эле эмес, саясий да баа берилиши керектигин билдирген. Бул комиссиянын төрагасы Азимбек Бекназаров Кыргызстан, Орусия жана кошуна мамлекеттердин президенттерине кайрылып, 100 жылдыкты бирге эскерүүнү сунуштады.

### "Геноцид дегенге болбойт" деген тарыхчылар

Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетинин деканы Аскарбек Беделбаевдин "Үркүн учурунда 100 миңдей адам өлгөн, бирок окуяны геноцид деп баалоого болбойт. Анткени көтөрүлүшкө катышпагандар тынч эле жашап калышкан" деген пикири Үркүндү "геноцид" деп атоого болбойт деген топтун оюн жакшы чагылдырып турат. Бул пикирди колдогондордун айтымында 1916-жылкы окуяларда бул жакка келип отурукташып калган жакыр орус дыйкандары кыргынга учураган фактылар да ондоп саналат. Бул маселенин көтөрүлүшү Орусия менен жакшырып бараткан мамилеге да терс таасир этет. Ошон үчүн мындай кылдат маселеге олуттуу мамиле кылганыбыз оң. Окуяны калыс изилдеп чыгыш керек. Ага орус тарыхчыларын дагы тартуу керек. Орусияга басым көрсөтүп, доомат койбостон, дипломатиялык негизде келишип, кечиримдүү болушубуз абзел. Геноцид дегенге каршы топ мындан саясат жасап, аны улам күчөтүп отуруп, эки мамлекеттин ортосундагы ажырымга алып бара турган жолду тандоонун эч кимге кереги жок деген жүйөөлөрдү айтууда.

### Тарыхчылардын бардыгы макул болгон нерселер

Орусия падышасы Николай IIнин 1916-жылдын 25-июнундагы 19 жана 31 жаштын ортосундагы миңдеген жаш жигиттерди аскерге чакыруу тууралуу жарлыгы жергиликтүү калкты басмырлоонун эң оор тамчысы болгон. Улуттук боштондук көтөрүлүш 1916-жылы июль айында Хожентте, андан кийин Чыгыш Ферганада, башкача айтканда, Кыргызстандын түштүгүндө башталган. Ал бат эле бүтүндөй Түркстан, азыркы Борбор Азия аймагын камтып, ага 10 миллиондой адам катышкан. Жалпы Түркстандагы козголоң ошол жылдын октябрь-ноябрь айларында орус империясынын жазалоочу аскерлери тарабынан басылган. Көтөрүлүштүн оту кийин Кыргызстандын түндүгүнө өтүп, августтун башынан тартып Чүй өрөөнүндө, андан кийин Ысык-Көл жана Нарын аймактарында катуу алоолонгон. Куралсыздык, заманбап аскерий тажрыйбанын жоктугу тез эле абалды тескери жакка буруп, көтөрүлүш бара-бара "Улуу Үркүнгө" айлана баштаган. 1916-жылкы көтөрүлүш маалында кыргыздардын бул боштондук кыймылына тилектеш болуп, оторчул режимге каршы дунган, уйгур, казак, сарт калмак жана айрым орус жана украин тургундардын өкүлдөрү да чыккан учурлар маалым. Орус элинин Марк Василенко, Г.Кайгородцев, Грачев, Самойлов сыяктуу өкүлдөрү 1916-жылы Ысык-Көлдөгү кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнө кошулуп кеткендиги да унутулгус символдук көрүнүш. Ошондуктан эч бир эл тигил же бул жексур режимдин ырайымсыздыгы үчүн айыпталбашы керек. 1916-жылдагы Ала-Тоодо ырайымсыз жазалоону жүзөгө ашырган саясий актёрлорду орус эли өзү айыптап, ал түгүл 1917-жылы февралда биротоло кулаткандыгы унутта калбашы керек. Падышалык режим кулагандан соң орногон Убактылуу Өкмөттүн башчысы Александр Керенский оторчулардын кыргынын Мамлекеттик Думада айыптап чыккан.

1913-жылдагы эл каттоодо Түркстан крайындагы кыргыздардын саны 1 миллион 282 миңди түзгөн. Үркүндө качып-бозуп кеткен элдин бир бөлүгү Кытайдан кайткандан кийин жүргүзүлгөн 1924-жылкы эл каттоодо кыргыздардын саны 860 миң деп документтештирилген.

Кыргыз тарыхчыларынын дээрлик басымдуу бөлүгү "Ар тараптуу маалымат алуу үчүн Орусиядагы гана эмес, Кытай жана Түркиядагы маалыматтарды да иргешибиз керек. Кытайда калып калган Үркүндүн бир катар качкындарынын урпактары бар, алардын эскерүүлөрүн да алышыбыз керек" дешет.

*Теманын геосаясий бөлүмү 12-беттеги "Дүйнө" рубрикасында*

# Кыргыз көппү же жылдыз көппү?

Улуу тоолорубуздун койну кенен. Талаа-түздөрүбүз түшүмдүү, жерибиз бышыкчылыктуу. Элибиз жалпы жонунан коймаарек. Калкыбыздын көбөйүшүнө жерибиздин ландшафты туура келет. Кыргызды кырган, демографиялык жактан өсүшүн токтотуп, тамырын кырккан балээ ар дайым улуу тумоодой болуп сырттан баш багып турат



ДЕРКЕМБАЕВ ТАЛГАТ

Сөз баккан кыргыздар ушул суроонун үстүндө нечен ирет баш катырышса, бир эсе сыймыктанып да калышат. Эл ичинде жүргөндө, аш-тойлордо, отурган-турган жерде кыргызым жээк-жаат сүрүштүргөндү, ар нерсе тууралуу кеп кылганды жакшы көрөт.

– Сен кайсы уруудансың?

– Моңолдормун.

– Аа, журт уюткусу турбайсыңбы...

–Өзүң кайсыл элдеңсиң?

"А мен болсо, бул эле көл башындагы Мырза-Белекмин" деп, сөзгө-сөз жалгашып, мамыр-жумур болуп, бир кезде карын-бөлө чыга калмайды көп эле жерден байкап жүрөбүз. Мындай көрүнүштү көргөндө ичиң ысып, баарыбыз өзүбүздү бир атанын балдарындай сезип, жүрөгүң жылып, эбедейиң эзилип кетет. Санжыра боюнча бир атадан тараганыбыз чындык эмеспи. Каныбыз тартып, боорубуз бириге калат эмеспи. Бирок көп учурда кыргыздын саны, канча жерге жайылып, канча жерге сөөгү чачылганы тууралуу бүтпөгөн диллема уланып келет.

Казактын белгилүү алп таланттарынын бири Габит Мүсрепов "Биз жыйылсак көппүз, жайылсак жокпуз", "Казактын бул кең талаасына биз батпай калган жокпуз, өзүбүз батышпай жүрөбүз" деген экен. Анын сыңарындай, биздин Теңир-Тоо менен Ала-Тоонун кокту-колотторунда кыргыздар бирде урушса, бирде табышып, өзүн-өзү кырып жиберген жок. Улуу тоолорубуздун койну кенен. Талаа-түздөрүбүз түшүмдүү, жерибиз бышыкчылыктуу. Элибиз жалпы жонунан коймаарек. Калкыбыздын көбөйүшүнө жерибиздин ландшафты туура келет. Кыргызды кырган, демографиялык жактан өсүшүн токтотуп, тамырын кырккан балээ ар дайым улуу тумоодой болуп сырттан баш багып турат. Мына көбөйүп келатабыз дегенде орустун оторчулары мекенибиздин түштүгүнө бир, түндүгүнө бир калайман салып кетишти. Жоокерчилик замандагы калмактар менен болгон уруш, ачарчылык, Ата Мекендик согуш далай кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамырын кыркып кетпедиби.

Кылымдык Кытай көбөйгөнүнөн улам бала төрөөгө чектөө киргизди. Коңшуларыбыз өзбектер 30 миллионго жетип калдык деп мактанышса, боордош казактар 20 миллионду чапчыдык деп айгайлап турушат. "Биз кыргыздар эмнеге көбөйбөйбүз" деген суроо туулат. Айымдарыбыз бир-экини төрөгөнгө эле куштар. Батыштын "Планирование семьи" деген долбоору көптөгөн келиндерибиздин үй-бүлөдөгү багыт көрсөтүүчү методичкасына айланган. "Көп төрөсөң ден соолугуңдан ажырайсың. Мынча баланы кантип багасың" деп, өмүрлүк түгөйлөрүнө доомат коюп калышкан. Бул менин бир жакшы көргөн байкем айткандай, ички диверсия болуп жатат. Улутту, элди ичинен ириткен эң сонун ойлонуштурулган диверсия болбогондо эмне? "Жаратуучу ар бир пендесине ырыскысын кошо берет" деп, Кудайдын сөзүн раматылык чоң энем көп айтып калар эле. Канчалаган кыргыздар туулбай туна чөгүп, ыңаалап ыйлабай, бул дүйнөнүн абасынан жок дегенде бир эле жолу кере-кере дем жута албай, "бул дүйнөгө келдим" деп, бар-бар ыйлай албай арманда, скальпельдин мизинде төрөлбөй жатып оо дүйнөгө кетип жаткандыгы өкүндүрөт. Өлүп азайбаган, туулуп көбөйбөгөн кыргызым. Орустар 130 миллион болсо да, элдин санын көбөйтөбүз деп, атайын мыйзамдарды кабыл алып, көп балалуу үй-бүлөлөрдү колдоп, көмөктөшүп жатат. Биздин ажо-кожоловубуз бул тууралуу эмнени ойлоп жатышты болду экен. Же болбосо жаңагы биздин заманбап айымдарыбыздай болуп, "Мага ден соолук керек. Ушунча эле бала жетет. Кантип багабыз" деп, элине кыялын көргөзүп жатабы? Өкмөт көп балалууларды ылагыы келишинче каржыласын. Көмөктөшсүн. "Аз элдин маңдайында бак турбайт" дешчү экен бабалар. Кудай өзү жар болуп, элибиз көктөп өсүп, мамлекетибиз Азиянын чыныгы арстанына айлансын демекчимин.

# Байлыкты кайдан издөө керек?

Билим абдан чоң байлык экенине көпчүлүктүн көзү жеткен чак. Азыркы жаштардын билимге мамилеси, келечекке көз карашы кандай? Ушул соболго колумдан келишинче жооп издеп көрдүм



РАХАТ АКМАТОВА

### Азыркы жаштардын кызыкчылыктары ар башка

Эгемендиктин дээрлик чейрек кылымдык мезгилинде өлкөбүз орошон өзгөрүүлөргө учурады. Билим берүү системасын алалы. Кечээки муун өкүлдөрү мойнуна алоолонгон жагоо тагынып, көпчүлүгү келечекте космонавт болууну самаган. А бүгүнкү муун өкүлдөрүндө мурдагыдай бир кылкалык, коммунизмди куруу дегендей бир гана максатты көздөө жок, ар биринин максаты, кызыкчылыктары ар башка. Азыр жаңы технологиялар доору, бул адамдардын кызыкчылыктарын жаңы нукка салууда.

Техникалык, технологиялык төңкөрүш жаштардын кулк-мүнөзүнө таасир этүүдө. Интернет көптөгөн түйшүктөн башыбызды арылтты, бул, албетте, прогресс. Бирок таяктын эки учу бар сыңары азыркы жаңы муун мурдагылардай изденбей, түйшөлбөй, натыйжада чыгармачылык, инсандын жеке өзгөчөлүгү жок болуп бараткандай таасир калат. Мисалы, кечээ эле бош орун таба албаган китепканаларда азыр бирин-серин гана жаштар отурат. Бул жаштардын руханий дүйнөсүнө азык алып, акылын, билимин арттырууга умтулбай баратканын айгинелейт. Себеби китепканада көз жыртып, керээли-кечке отурганча, социалдык тармактарды эрмектөө кыйла кызыктуураак. Бир чети муну да түшүнүү керек, себеби инсандын эркиндигине жана кызыгуусуна чек коё албайт эмеспизби.

### Жаш топтордун түрлөрү

Менимче, азыркы жаштарды билимге карата мамилеси боюнча бир канча топторго бөлсө болот. Биринчи топ – булар эмгекчил, куйма кулак, өз келечегине эртелей жол чабууга умтулган жаштар. Алар алдына конкреттүү максат коюшат, ага жетүү үчүн болгон күч-аракетин жумшашат. Атап айтканда, тил үйрөнүшөт, керек нерсени издеп таап окушат, интеллектуалдык сынактарга катышат. Бир жаман жагы, бул топтун айрым өкүлдөрүндө өзүмчүлдүк өсүп, мекенине, эл-жерге кайдыгер мамиле калыптанып калгандай. Экинчи топко өздөрүн "мекенчил" деп атаган жаштар кирет, алардын жашоосунун көпчүлүк бөлүгү ар кандай конференция, белгилүү инсандар менен жолугуу өңдүү коомдук иштерге арналат. Бул топтогулардын да билимге умтулуусу жогору, коомдук иштерге аралашып жүрүп, дүйнө таанымы да кеңейет. Ал эми үчүнчү топ – билимге, өзүн ар тараптан өстүрүүгө кызыгуусу аз же тумалак жок жаштар. Байкашымча, бул топтун өкүлдөрүнүн көпчүлүгүн колу жука бүлөлөрдөн чыккандар түзөт, алар билимин улантууга мүмкүнчүлүк жок деп, ошого моюн сунушат жана ар кандай жеңил-желпи, ыплас иштерге оңой эле аралашып кетишет.

### Үй-бүлөлөр билимге умтулууда

Кантсе да, бүгүн билимдүүлөрдүн заманы экенин жаштар дагы, ата-энелер дагы сезе баштады. Ошондуктан кандай гана болбосун, билим алууга, анын арты менен коомдук жана мамлекеттик иштерден көтөрүлүп, телегейи-тегиз келечек курууга аракеттер күчөөдө. Бул көз кубантарлык көрүнүш. Себеби өлкөдө билимдүү адамдар канчалык көбөйсө, мамлекет да ошончо тез илгерлейт.

Азыр сапаттуу билим алуу үчүн ата-энелер балдарын акысы кымбат лицейлерге, жеке менчик мектептерге берип жатышат. Ал турсун балдарын чет жактан окутуу үчүн бар байлыгын салган ата-энелер көбөйдү. Бул көрүнүшкө жараша мамлекет да айрыкча зээндүү балдардын сапаттуу билим алуусуна камкордук көрсө дурус болор эле. Анткени ошол колу жука бүлөлөрдөн да таланттуу балдар чыгып жатпайбы. Бирок алардын өздөрүнүн билимин тереңдетүүгө чамасы жок. Кыскасы, жаштардын билимге кызыгуусун ойготуу, ал эми билимге умтулгандарына ар тараптан камкордук көрүү – мамлекеттин, коомчулуктун жана ар бир ата-эненин милдети. Чынында билим алуу ийне менен кудук казгандай оор, бирок баарына өжөрлөнө чыдап, тырышып окуса, билим жаркын келечекке жол ачат.

# Бакиев «Акаевден эки эсе кылам» деп аткарды

Жаңы конуш проблемасы өтө чоң проблема. Муну бийлик элес албай жүрөт. Бул өзүнчө бир облус. Чүй облусун кайра көчүрүп келгендей эле нерсе. Мына ошонун баарына суу, свет, жол, мектеп дегендин баарын салып бериш керек да. Мына ошол элдин көйгөйүн толук чечиш үчүн 10 жыл удаасы менен жылына 1 млрд. сомдон берсе араң бүтөт




Маектешкен НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

**– Саламатсызбы, Бейшенбек агай! Мына минтип биздин гезиттин «Саясат самоору» аттуу рубрикасынан жолугуп отурабыз. Эмесе кепти алгач таанышуудан баштасак. Өзүңүз тууралуу, буга чейинки кылган иштериңиз тууралуу, партияңыз тууралуу айта кетсеңиз.**

Бейшенбек Абдразаков: Мен коомдук иштерге ошол 1989-жылдан тартып кадам таштадым десем болот. Горбачевдун убагында жанагы «ускорения», «демократия» деген сөздөр башталбадыбы. Прибалтикада, Кавказда кыймылдар башталды. Ошол эле убакта Кыргызстанда да демократиялык кыймылдар жанданды. Мына ошол демократиянын башаты «Үй куруучулар кыймылы» болгон. Себеби ал жылдары Бишкекте кыргыздар орустарга квартирант болуп жашачу. Кыргыздар орустардын времянкаларында, кепелеринде батирде турчу. Ошко барсаң, ал жакта өзбектерге квартирант болушчу. Борбор шаарда болгону 12 пайыз кыргыз бар эле. Кыскасы ошондой мезгилде, 1989-жылы апрелдин онунда азыркы 110-кварталда, Көлмө, Салам-Алик, Касым деп аталып жүргөн конуштарда эң биринчи жер басып алууну баштадык. Ак үй, көк үй дегендерге кайрылдык. «Биз Бишкекте жашап жүрөбүз. Бул жерде кыргыздын баары квартирант. Үйүбүз жок» деп айттык. Чынында ал кезде СССРдин атайын саясаты болгон да. Кыргыздарды Бишкекке жолотпой, айылдарда малчы, дыйкан катары кармаганга аракет кылышкан. Негизи ошол убактарда Бишкектеги 12 пайыз кыргыздын көпчүлүгү студенттер, 5 пайыздайы гана Бишкекте туруктуу жашаган интеллигенция болгон. Натыйжада Масалиев «Москвадан уруксат сурайын. Ага чейин болбойт» деди. Бирок элдер ага да болгон жок. Отурукташып, там салып баштады.

**– Кечиресиз, аны кимдир бирөө уюштурду беле? Кандайча болуп башталып калды бул кыймыл?**

– Бул циркти жанынан башталды. Ошол жерде ар ким жарыя жабыштыра турган көк бочка бар эле. Орустар ошого келип, «баландай квартирант» керек деп жазып кетишчү. Биз ошону күн-түн дебей аңдып тураар элек. Ошондо да орустар «кыргыздарды албайбыз, баласы барларды албайбыз» дегендей талаптарды коюп, айлабызды кетирчү. Мына ошондо элдин чыдамы кетти да. Негизи муну эч ким деле уюштурган жок. Элдин толкуну болуп кетти. Кийин Ак-Өргө конушун басканда гана уюштук. Алгач Масалиев өзү чалып, токтотконго аракет кылды. Натыйжада кадимки эле Топчубек Тургуналиев, Жыпар Жекшеев, Казат Акматов, Жумагазы Усупов дегендер элди уюштуруп чыкты. Кыскасы алгачкы кыймылдар ошентип башталды. Бийлик аны токтотконго катуу аракет кылды. Жыпар Жекшеевди камады, Топчукени куугунтуктады. Бирок эл деген эл экен. Көпчүлүк менен жерди баары бир берген жок. Анан айласы жок өкмөт токтом чыгарып, мыйзамдуу түрдө жер бөлүп берди. Ал кезде айлык акы көп болсо, 100 сом болчу. Жүз сомго кантип үй салат элек? Айлабыз кеткенде бийликтегилерге кат жазып, кайрылуу жиберип, пикет, митинг кылып атып, ссуда бөлдүрүп алдык. 3 миң, 5 миң, эң көбү 15 миңге чейин алдык. 15 миң ал кезде айбай чоң акча болчу. Ошон үчүн ал кездеги жаңы конуштарга сонун тамдар салынды.

**– Айтмакчы, ошол кезде партия түзүү оюңузда бар беле?**

– Жок. Кайдагы партия? Эң биринчи жөн эле «Үй куруучулар» кыймылы деген кыймыл болчубуз. Андан кийин «Ашар» коому түзүлдү. Андан кийин КДК түзүлдү. Андан кийин «Эрк» түзүлдү. Анан "Асаба", анан "Ата Мекен", анан андан кийин 200 партия түзүлдү. Мына Кыргызстандын саясий санжырасы.

**– Ошондо баарынын башында сиздердин «Үй куруучулар кыймылы» турат экен да?**

– Ооба. Кийин кыймылдын 10 жылдык, 20 жылдыктарын өткөргөндө чакыруу билеттин сыртына «Үй куруучулар кыймылы – бул Кыргызстандагы демократиянын башаты» деп жаздырчумун. Бүт баары ушул кезге чейин айтып келишет. Биринчи толкун ушундай аяктады. Кийин Акаевдин убагында биз кайра президентке кайрылдык. «Элдер көбөйүп атат. Аларга мектеп салып бериш керек. Свет, суу, жол менен камсыз кылыш керек. Мамлекет буга жетишпей жатат. Андан көрө бизди өзүнчө район кылып бөлүп бериңиз» дедик. Ошондо Аскар Акаев «Бишкек өзү кичинекей шаар болсо, ага 5-райондун кереги жок. Андан көрө силерге чакан мекеме ачып берейин» деди. Ошентип ал мекеме аркылуу жаңы конуштардын көйгөйлөрүн чечип жаттык.

Кийин 2000-жылы ОГУКСка начальник болдум. 47 конуштун элин чогултуп, ар бир квартальныйга акча бөлдүрүп турдум бюджеттен. Ар бир жаңы конушка 10 жылдык график түзгөнбүз. Суусу качан салынат, жолу качан салынат, мектеби, амбулаториясы качан курулат дегендин баарын пландадык. Анан эле «партиялык тизме менен депутаттар шайланат» деген мыйзам чыкты. Ошондо гана «Ашар», «Үй куруучу» болуп жүргөн кыймылыбызды «Үй куруучулар партиясы» деп каттаттык. Ошону менен ал партиядан кайра шаардык кеңешке депутат болдум. Кийин 2005-жылы революция болду. Мына ошол 2005-жылы революция болгондо аябай чоң жер басып алуу болду. Бакиевдер «Чүйгө барсаңар жер алып беребиз. Ал жакта жер кенен» деп айтыптыр. Ошентип 15 миң киши жер алды. Мен ошол кезде ОГУКСта начальник болчумун. Натыйжада 15 миң кишиге суу, свет, жол дегенди бир жылда салып бердик. Акаев мурун 150 миллион сом которчу эле. Бакиев «андан эки эсе кылам» деп, 300 миллион котортту. Ал акча менен 2006-2007-жылдары аябай жакшы иш болду. 10 мектеп, 10 бала бакча салынды.

**– 2010-жылга чейин 5 мектеп, 5 бала бакча, 100 км суу, свет, жол тартчубуз дептирсиз. Негизи ушул темп жетиштүү болмок беле?**

– Бул аз. Жаңы конуш проблемасы өтө чоң проблема. Муну бийлик элес албай жүрөт. Бул өзүнчө бир облус. Чүй облусун кайра көчүрүп келгендей эле нерсе. Мына ошонун баарына суу, свет, жол, мектеп дегендин баарын салып бериш керек да. Мына ошол элдин көйгөйүн толук чечиш үчүн 10 жыл удаасы менен жылына 1 млрд. сомдон берсе араң бүтөт. Азыр 2010-жылы 30 млн. бөлүндү, 2011-жылы 40 млн. бөлүндү. 2012-жылы дагы 40 млн. Эми ушинтип 30-40 млндон берилип отурса дагы 200 жыл керек. Мисалы үчүн, 67 бала бакча салыныш керек эле, 25 жылдын ичинде 7 эле бала бакча курулду. А калганын салыш үчүн дагы ушундай темп менен 200 жыл керек. Ошондой эле мектеп маселеси бар. 45-50 мектеп керек эле, азыр 25тейи эле даяр. Дагы 20ны салыш керек. Анан жол маселеси бар. 300 км жол салыш керек эле, азыр анын 30 км эле салынды. Дагы 270 км жолду асфальтташ үчүн канча жыл керек? Бул эми бир эле жагы. Мага тиешелүү курулуш тарабы бул. Ал эми дагы бир жагы канчалаган киши үй, короо-жай салганы менен дагы эле документи жок. Бул жаңы конуштарда эле эмес, Кыргызстан боюнча ушундай. 45 миңдей кишинин документи жок азыр. Бир эле жолдун беркы өйүзү шаарга карайт дагы, бардык социалдык жеңилдиктер берилген. Ал эми наркы жаңы конуштарга караган өйүзүндө документ жок, эч кандай жеңилдик жок. Ооруканага бара алышпайт, балдарын мектепке, бала бакчага бере алышпайт. Каттала алышпайт. Мына маселенин баары ушунда жатпайбы?

**– Бейшенбек байке, чынында сиз менен баарлашып өткөн-кеткенди сүйлөшүп отурсак далай кеп болгудай. Буюрса, андай да убактыбыз болоор. Бирок тилекке каршы, бүгүнкү убактыбыз бүттү. Ошондуктан жалпы коомчулукка тилегиңизди айтып маегибизди жыйынтыктасак.**

– Эми элибизге эмне дейт элем? Эң биринчи ата-бабанын арбагын ыраазы кылсак. «Арбак ыраазы болмоюн, тирүү оңолбойт» дейт элибизде. Ошон үчүн жалпы коомчулукту бабалардын наркын сыйлаганга, каада-салтын сыйлаганга чакырат элем. Кыргыз деген атты бийик көтөрүп жүрүүгө чакырат элем. Намыстуулукка, абийирдүүлүккө чакырат элем. Кыскасы, аруу тилек көп. Деги биз Кудай колдогон элбиз. Кудай буюрса, кыргыз элинин келечеги дагы эле кең деп ойлойм.

**– Рахмат эмесе. Келип бергениңизге чоң ырахмат. Кайрадан көрүшкөнчө сак-саламат туруңуз.**



# Мектеп формасы бизде жана дүйнөдө

**Өткөн жылы Билим берүү жана илим министрлиги социалдык теңсиздикти жоюу максатында 2015-2016-жылдары окуучулар милдеттүү түрдө мектеп формасын кийүүлөрү керек экендигин белгилеген. Бирок жаңы окуу жылына саналуу гана убакыт калганда бул маселе боюнча көп арыздануулар түшүп, бирдиктүү мектеп формасына өтүү коомчулукта талаш маселеге айланды**

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

### Форма деле бай-кедейге бөлөт

Өкмөт тарабынан кабыл алынган бирдиктүү мектеп формасына өтүү балдарын мектепке даярдап жаткан ата-энелер үчүн бир топ суроолорду жаратты. Айрым орто билим берүү мектептер "окуучулар милдеттүү түрдө бирдей форма кийүүсү керек" деген чечим кабыл алса, кээ бир мектептер эркин формага уруксат беришкен. Ал эми ата-энелердин айрымдары форма кийүүгө каршы болбогону менен бирдиктүү мектеп формасынын эч кандай мааниси жок экенин айтышса, калгандары кийим сапатына жараша кымбат жана арзан болуп, туруктуу баасы болбогондуктан бирдиктүү форма мурдагыдай эле окуучуларды бай-кедей кылып, социалдык топко бөлүп коёрун айтышат.

Калича айымдын 3 баласы мектепте окугандыктан, быйыл мектепке даярдануу бир топ эле кыйын болду дейт: "Мурдагы жылдары балдарымдын мектепке керектүү буюмдарын оңой эле алып берсем, бул жылы кийим алып берүү кыйын болду. 5-класстагы балам окуган мектепте ак, кара түстөгү форма кийгизгиле десе, 3-класстагы баламдын мугалими "Форма алып бербей туруңуз, сентябрда ата-энелер менен чогуу чечебиз" деп телефон чалды".

### Форманы милдеттүү түрдө кийгизүү жокко чыгарылды

Билим берүү жана илим министри Элвира Сариева мектеп формасынын окуучуларга төрт түрү сунушталарын билдирип, балдардын мектепке кандай форма киерин ата-энелер чечет деп айткан. "Өкмөттүн азыркы токтомуна ылайык, мектеп формасынын кара, көк, кочкул кызыл жана боз түстөгү стандарты туурасында министрлик ар бир мектепке кат жиберди. Мектеп жетекчилери менен ата-энелер сүйлөшүп, 30-сентябрга чейин бир форманы тандашы керек. Тагыраак айтканда, ошого чейин эркин формага уруксат берилет. Буга чейин чоң сынак өтүп, добуш берүү аркылуу бирдиктүү форма тандалып алынганын билебиз. Бирок милдеттүү түрдө ошол мектеп формасын кийиш керек деген чек койгон жокпуз. Былтыркы форманы алган ата-эне балдарын кийинте берсе болот. Эң башкысы, жинсы, пляждык, спорттук кийимдерге жол берилбейт. Азыркы таптa бирдиктүү форманы милдеттүү түрдө кийүүгө ата-энелер тараптан көп наразычылыктар болгондуктан, форманы милдеттүү түрдө кийүү чечими жокко чыгарылды. Бирок бара-бара бул бирдиктүү формага өтүү планы бар,"- дейт министр.

### Эски формалар эле алынууда

Бирдиктүү мектеп формасы көбүнесе бир үйдө 4-5 тен баласы болгон ата-энелерди ойлондуруп келет. Баасынын кымбаттыгынан балдарын кийиндирүүгө каражаттары жетпеген ата-энелер мектеп формасына каршы болуп келишет. Базарларда баасы арзан, сапаты начар, магазиндерде сапаты менен бирге баасы да жогору болгондуктан, форманы сатып алуу ата-энелерди бир топ эле түйшөлтөт.

Ош базарында окуучулардын мектеп кийимдерин саткан Назира айым сатуу үчүн алып келген мектеп формасы өтпөй эле жыл сайын алынуучу ак көйнөк менен кара шым, юбкалар өтүп жатканын айтат. "Мен мектеп формасын 1600 сомдон сатам, магазиндерде 2400 – 2500 сомдон сатылууда. Чынын айтыш керек, базарлардагы формалардын сапаты магазиндердикине караганда төмөн. Бирок бардык эле ата-энелер кымбат баадагы мектеп кийимин алып берүүгө чамалары жетпейт. Ошол себептен көбү базарларга түшөт же болбосо кийим тигүү цехтерине заказ беришет. Мендеги бул мектеп формалары азырынча өтө элек. Сатып алып жаткан ата-энелер бирдиктүү мектеп формасын кийүү милдеттүү түрдө болбогондуктан, балдарыбызга мурдагыдай эле кийим алып беребиз дешет,"- дейт сатуучу.

Өткөн жылдын 1-июлунда Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан SMS добуш берүүнүн жыйынтыгы менен мектеп окуучуларынын бирдиктүү формасы тандалып алынган. Мектеп формасын тандап алууга 300 миңдей кыргызстандык добуш беришкен. Улуттук колорит камтылган үлгүдө тигилген форма быйылкы 2015-2016-жаңы окуу жылында бирдиктүү мектеп формасы катары милдеттүү түрдө киргизилмек. Бирок минтип учурда эки ажырым жолго түшүп, милдеттүү түрдө мектеп формасын кийүү жокко чыгарылып жатат. Мунун негизинде Билим берүү жана илим министрлиги бир ишти аягына чейин чыгарбай, башаламан саясат жүргүзүүдө деп каршы болгондор көбөйүүдө.

### Дүйнөлүк тажрыйба

Башка өнүккөн мамлекеттердин мектептеринде бирдиктүү мектеп формасы эч тоскоолдуксуз эле кийилип, атүгүл дене тарбия сабактары үчүн да бирдиктүү форма кабыл алынган. Мектеп формасын кийген мамлекеттердин айрымдары форманы 100 жылдан бери кийип келишсе, кээ бирлери жарым кылымдан бери кийишип, өз өлкөлөрүнүн орнаменти түшүрүлгөн форманы кийүү эч кандай ажырым жаратпаганын жана алар үчүн салт экенин айтып келишет. Дүйнөдөгү мамлекеттердин мектептери кийген бирдиктүү мектеп формаларынын айрымдарына токтоло кетели:

- Лондондун Айслингтон шаарындагы Элизабет Гарретт Андерсен мектебинин формасын окуучулар өздөрү иштеп чыгат. Мектеп администраторлорунун айтымында, окуучуларга берилген мындай мүмкүнчүлүк алардын эркин болуусуна шарт түзүп, бирдиктүү форманы кубануу менен кийүүгө жардам берет.
- Индиянын айрым мектептери заманбап үлгүдөгү мектеп формасын кийсе, кээ бир мектептер улуттук сари кийимин бирдиктүү форма катары иштеп чыгышкан.
- Япония мектеп формасы көбүнчө шотландиялык стилге басым жасап келет.
- Австралияда мектеп формасы милдеттүү түрдө кийилет. Күнүмдүк формадан тышкары дене тарбия сабагы жана кыш мезгили үчүн да варианттары бар.
- Иранда кыздар үчүн жоолук менен бирдиктүү мектеп формасы иштелип чыкса, балдарга заманбап негизде форма иштелген.
- Кыргызстанда бирдиктүү мектеп формасына көпчүлүк мурда кийип көрбөгөндөй каршы болушууда. Бирок СССР убагында ар бир мектепте мектеп формасы кийилген.

Бирдиктүү мектеп формасын кийүү окуучулардын социалдык теңсиздигине бөгөт коюп, жамааттык сезимдерин ойготот деп айтылат. Кыргызстанда мектеп формасын кийүү канчалык деңгээлде ишке ашары 30-сентябрда маалым болот. Ал эми бул мөөнөткө чейин жакшы ниет менен башталган иш аягына чейин чыгарына ишене туралы.



Австралиянын мектеп формасы



Индиянын кээ бир мектептеринде улуттук сари кийимин кийишет



Англиядагы Элизабет Гарретт Андерсен мектебинин формасы

# Кыргызстандын ББга киргенинин алгачкы жыйынтыктары

Евразия экономикалык биримдигине кирүү Кыргызстанга эмне алып келет. Бул макалалар сериясы бизди кандай экономикалык жоготуулар же утуштар күтүп турат деген суроого жооп берет. Автор **saresepeco@mail.ru** почтасынан сунуш, эскертме жана конструктивдүү сын-пикирлерди күтөт. Бул изилдөөгө катышам деген башка эксперттер менен кызматташуу жана биргелешип иштешүү сунуштарын кубануу менен кабыл алат



Кытайдагы "кара дүйшөмбү"


НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

## Экономика адам сыяктуу

Кыргызстандын ЕАЭБге киргенден берки эки жума ичинде окурмандарыбыз жана талкуулагыбыз келген бир топ окуялар болуп кетти. Биз көйгөйлөр менен болуп жаткан процесстердин маңызын жакшы түшүнүүбүз үчүн бул окуяларды жакшылап талдап чыгуубуз керек. Бул окуялар кокустан пайда болуп, бири-бирине байланышы жок сыяктуу көрүнгөнү менен алардын баары бир чынжырдын төңөлүктөрү. Экономикада жашоодой эле эч нерсе менен байланышпаган өзүнчө кубулуш болуусу мүмкүн эмес. Экономика адамдын организми сыяктуу. Ар бир орган башка органдар менен кан тамыр жана нерв системасы аркылуу байланышып турган сыяктуу экономикада да ар бир адам же адамдардын тобу башкалар менен транзакциялар аркылуу байланышып турат. Транзакцияга алып-сатуу, ижарага алуу жана өндүрүштүк байланыштар сыяктуу нерселер кирет. Кимдир бирөө сарптап атса, демек башкасы пайда таап жатат. Акча менен башка капитал дайыма кыймылда болуп, бир колдон экинчи колго өтүп турат. Бул кыймылдын цикли токтоп калса, адамдын клеткалары бири-биринен ажырагандай жалпы экономика кыйрап, киреше төмөндөп, товарлар сатылбай, жумушсуздук көбөйүп, башка кыйроолорго шарт түзөт. Экономика үчүн акча каражаттар адамдын организмине кан кандай керек болсо, ошончолук зарыл. Бул "кан" тамырлар аркылуу жүгүрүп турган кезде тиешелүү "органдар" жашоосу үчүн керектүү нерселерди алып турат дегендик. Бирок организмдин туруктуу иштеп өнүгүүсүнө кандын өзү гана жетиштүү эмес. Кан органдарга минерал, витамин жана кычкылтектерди жеткирип туруусу абзел. Ошол сымал туруктуу иштеши үчүн экономикага адамдык, материалдык жана финансылык ресурстар керек.

## Тарых кайталанууда

Экономиканын саламаттыгы адамдардын жашоо деңгээлинин сапаты менен аныкталат. Эгер адамдардын жашоо сапатынын деңгээли өспөсө же өсүүсү ресурстарды колдонуудан артта калган болсо, бул жерде экономика оорукчан экенин айтса болот. Тамактын белгилүү бир көлөмүн жеш адамдын денесине дайыма эле пайда алып келбестен, семирүү, боордун бузулуусуна, кант диабети сыяктуу терс натыйжаларга алып келет. Тарыхтан биз бир ресурска байланып алуу, б.а., экономикага бир эле ресурстан келген акча каражаттарын шыкай берүү акыры экономикалык кризиске алып келерин жакшы билебиз. Мындай окуя Голландияда болгон. Мунайзаттар тармагындагы дүркүрөп өсүү гульдендин чыныгы баалуулугунан жогору өсүп кетүүсүнө алып келген. Улуттук акчанын жогорулоосу кайра иштетүү тармактарынын өндүрүмдөрүнүн баасынын өсүшүнө алып келген. Мындан улам продукция өндүрүп экспортко чыгаруу төмөндөп, жумушсуздук көбөйгөн. Мунун себебинен импорт көбөйүп, таза экспорттун төмөндөөсү менен Голландиянын ички дүң продукциясы (ИДП) да төмөндөп кеткен. Орусия менен Казакстанда ушул сымал окуялар болуп атат.




Орусия рублинин түшүүсү

Орусиялык рублдин реалдуу курсу 15 жылда 250 пайызга жогорулаган. Бул өсүү мунай менен газдын баасынын өсүшү менен азыктанып келген. Биз билгендей, Орусиянын ИДПсынын олуттуу бөлүгү нефть жана газдан турат. **Нефть арзандаса, экономикасынын баалуулугу да төмөндөйт**. Жүгүртүүдөгү рублдин саны болсо мурункудай калууда. Демек, рубль арзандаганга мажбур. Мунайдын баасы төмөндөгөндө рублдин баасын жасалма түрдө жогору кармап туруунун эч кандай пайдасы жок болчу. Анткени мунайдын баасынын дагы да төмөндөп кете берээри түшүнүктүү эле болуп турган. Орусия Федерациясынын (ОФ) Борбордук банкы өтө оор, бирок зарыл болгон чечим кабыл алып, рублдин баасын базардын аныктоосуна калтырды. Батыштын санкцияларына каршы санкцияларды киргизген ОФ өзүнүн экспортун ББ өлкөлөрүнүн рыногуна бурду. Мындан улам ББнын рыногунда атаандаштык күчөп, казак экспорттоочулары үчүн оор күндөр башталды. Экономикасынын конкуренцияга чыдамын арттыруу максатында казак өкмөтү мажбурлуу кадамдарды кылды. 2015-жылдын 20-августунда теңге дагы эркин баа коюу режимине өтүп, баалуулугу 30%га төмөндөдү. Казак президенти Назарбаевдин авторитети менен элдин өз өкмөтүнүн экономикалык саясатына ишенүүсү казакстандыктардын материалдык мүлкүнүн 3/1ин бир күндө жоготкондугуна карабастан мамлекетке бул кризистен коомчулуктун наараазылыгына кабылбай өтүп кетүүнү камсыздады. Салыштырсак дүйнөдө валютанын 20%га дароо түшүп кетүүсү валюталык кризис катары кабыл алынат. Айрым серептик уюмдардын божомолдору боюнча мунайдын баасы төмөндөп кете бермекчи. Мунайдын баасы эки жума токтобостон төмөндөп келди. 1986-жылдан бери мындай көрүнүш болгон эмес. ОПЕК деп аталган уюмга кирген мунай чыгарган өлкөлөрдүн аны өндүрүү квоталары боюнча бир келишимге келе албай калгандыгы буга негизги себеп эмес. Мунайдын баасынын түшүүсү көбүнчө Кытай экономикасынын проблемаларына байланыштуу.

## Бир көз карандылыктан экинчисине карай

Буга чейин өлкөбүздүн товар айлануусунда ББга кирген мамлекеттердин үлүшү 40% болсо, анын 11,7%ы Казакстан, 26,8%ы ОФнын үлүшү болуп келген. Кыргызстандын экономикасы Казакстан жана Орусиянын экономикасы менен мурункудан дагы тыгыз байланышып калгандыктан, теңге менен рублдин аркасынан сомдун да куну төмөндөөрү түшүнүктүү. Доллар менен евронун карата сом акыркы 6 күн ичинде 12 пайызга төмөндөдү. Бул төмөндөө эл аралык рынокто мунайдын төмөндөөсү улангыча токтобочудай көрүнөт. Демек, ББ өлкөлөрү менен соода-сатыктын жогорулоосу биздин экспорттоочулар менен эмгек мигранттарына пайда алып келүүсү менен бирге сомдун кунунун түшүүсү жана товарлардын баасынын жогорулоосу сыяктуу утулуштарга алып келүүдө.

Кытайдын акыркы 20 жылда юандын кунун төмөндөтүүсү сыяктуу валюталык согуштардын фонунда бир унция алтындын баасы бул аптада 1070$дан 1080$га чейин көтөрүлдү. Юандын кунун атайын төмөндөтүү Кытайдын ички дүң өндүрүмүнүн (ИДӨ) ыкчамдыгынын жайлоосу жана Кытай өкмөтүнүн өздөрүнүн товарларынын экспортун





Казак теңгесинин түшүүсү

камчылагысы келгендигине байланыштуу болду. Кытайдын экономикасы эмгек, капитал жана жер сыяктуу экономикасынын көлөмүн арттырууга гана байланыштуу, б.а., экстенсивдүү өсүү түрүнүн чегине жеткени билинди. 2015-жылдын августундагы юанды девальвация кылуу күнү балким Кытай экономикасынын ар тараптуу өсүүсүнө көңүл бурган, б.а., интенсивдүү жолго түшүүсүнүн биринчи күнү катары тарыхта калуусу мүмкүн. Чынын айтканда бул юандын кунунун мындан нары да төмөндөп кетүүсүн токтотуунун бирден-бир жолу.

Кыргызстандын экономикасына кайткан болсок, ал бир көз карандылык түрүнөн экинчисине өттү десек болот. Буга чейин экономикабыз товарларды реэкспорттоо менен эмгек мигранттарыбыздан келип турган акча каражаттарына көз каранды болуп келген. Азыр болсо ички жана сырткы инвестициялардын (өлкөгө иштетүү үчүн кирген акча каражаттар) канчалык эрте экспортко багытталган тармактарды өнүктүрүүсүнө көз каранды болуп калды. Бул жандануу өз учурунда өндүрүмдөрдү сатуу рынокторунун абалын прогноздук баалоо, мамлекеттин экономикалык жана фискалдык саясаты сыяктуу инвесторлордун күтүүлөрүнө байланыштуу. Сатуу рынокторунун абалына биз таасир бере албасак да, кийинки эки пунктту өзүбүз аныктай алабыз. Буга кошумча өкмөт мамлекеттик жана жеке өнөктөштүктүн (МЖӨ) алкагында ири инвестициялык долбоорлордун активдүү катышуучусу болуусу зарыл. Азырынча мамлекеттик мекемелер МЖӨнүн алкагында бир дагы долбоорду ишке ашыра элек. Биз "эмне себептен мындай болуп жатат" жана "эмне кылуу керек" деген суроолорго жооп табуубуз керек. Мамлекет инвесторлордун ишенимин өнөктөшү болгону өтө зарыл. Ар бир өнүккөн экономиканын пайдубалы – өз ара ишеним.



# Уйку

**Жетиштүү жана тынч уйку адамдын өмүрүнүн сапаттуулугу менен узактыгына чоң таасир берет экен. Кызыктуусу нормадан аз уктагандарга караганда көп уктагандардын өмүрү көбүрөөк коркунучта дешет окумуштуулар**

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

## Уйкунун таасири

Адам уктап турган соң организмдин ишке жөндөмү, айрыкча борбордук нерв системасы калыбына келет. Уйку маалында жогорку нерв системасынын иши басаңдап, булчуңдар бошоңдойт, зат алмашуу төмөндөйт, жүрөктүн иштеши, дем алуу сейректейт, кан басымы төмөндөйт. Уйкунун мезгилдүүлүгү организмдин тиричилигинин суткалык биологиялык ритми менен байланыштуу. Демек, мээ менен кошо бардык ички органдар да эс алат.

## Уйку келүүнүн себеби

Уйку мээ кыртышындагы тормоздолуу процесстеринин пайда болушуна байланыштуу. Организм сергек кезинде нерв клеткаларында белгилүү заттардын сарпталышына карата өзгөрүүлөр болуп турат. Уйкудан кийин нерв клеткалары өз калыбына келет. Уйку үргүлөөдөн башталып, акырындап тереңдейт. Тормоздолуу абдан тереңдеп, мээ кыртышынын астындагы бөлүктөргө тарағанда уйку катуу болот. Киши белгилүү убакта, белгилүү шартта уктаганда уйку тез келет. Мындай учурда тигил же бул шарт уйкуну козгойт, ошондуктан көп учурда көнүп калган шарт бузулса, киши уктай албай кыйналат. Үргүлөөгө дайыма бир өңчөй таасир берүүчү нерселер себеп болот, себеби мындай таасир берүүчү нерселер улам-улам кайталанып, мээ кыртышынын клеткаларынын көпчүлүгүндө тормоздолуу процесси жүрөт (мисалы, жаандын, китеп окуунун уйкуну келтирүү таасири). Ошондуктан уктардан мурда жарыкты, радиону өчүрүп, жакшылап жамынып, ыңгайлуу абалда жатуу керек.

## Ыңгайлуу уйку

Толук эс алуу жана көпкө созулган уйку ыңгайлуу төшөктө гана болушу мүмкүн. Төшөктү таза кармап, мезгил-мезгили менен кагып, чаңдан арылтып, матрац, жаздыктарды көбүрөөк желдетип, күнгө кактоо зарыл. Кыймыл жана дем алууга тоскоол кылбаган ич кийим кийип жатуу керек. Уктаганда чүмкөнүп жатууга болбойт, ал дем алууну кыйындатат. Уктоочу бөлмөдөгү аба таза болууга тийиш, күн жылуу мезгилде терезени ачып, кышкысын уктарда бөлмөнү желдетип же форточканы ачып коюу сунуш кылынат. Уктаардын алдында 10–15 мин. сейилдөө абдан пайдалуу, ал нерв системасын сеп алдырат. Уйкунун алдында ваннага түшүү же бутту ваннага (ысык эмес) салуу да жакшы. Тамакка абдан тоюп же ачка жатса да уйку тынчсыз болуп, ар кандай түш көрөт. Ошондуктан уйкунун алдында майлуу эмес, эти азыраак тамак жеп, кофе же чайды көп ичпей жатуу талапка ылайык. Уктаарда тамеки тартпоо керек.

## Жакшы уйкунун натыйжасы

Жакшы уйку кишинин ишке жөндөмдүүлүгү менен ден соолугун бир калыпта кармоодо абдан маанилүү. Уйкунун узактыгы жаш өткөн сайын азаят. Мисалы, 1 жашка чейинки бала суткасына 18, чоң киши 7—8 саат, улгайганда андан да аз уктайт. Кээ бир кишилердин уйкусу тиешелүү убакыт созулса да, уйкусу канбай калат. Мындай терең эмес, тынчсыз уйку акыл эмгеги менен көп иштегенде же абдан кызыктуу китеп окуганда болот. Терең уйкуда түш көрбөйт. Мындай уйку нерв клеткаларын абдан жакшы калыбына келтирет. Бирок жакшы, терең уйкуда мээ кыртышынын клеткаларынын бардыгы эле бир өңчөй тормоздолбойт. Уйку канчалык катуу болсо да, уктаган киши кээ бир учурда сезгич келет. Мисалы, эне чарчап катуу уктаганда кыйкырыкты, түрткөндү сезбейт, ал эми баласы акырын эле ыйласа ойгонот. Киши дайыма жетишсиз уктаганда ишке жөндөмдүүлүгү, нерв системаларынын абалы начарлайт. Көп учурда уйкунун бузулушу (уйку басуу же уйку качуу) оорунун белгиси болушу мүмкүн. Ал учурда врачка кайрылуу зарыл.

## Сегиз сааттык уйку ашыкчабы?

Уйкунун бузулушу боюнча медициналык борбордо иштеген Грег Джейбкобс аттуу дарыгер төмөнкүчө айткан: «Баш-аягы 34 изилдөө жүргүзүлдү. Дарыгерлер 2 миллиондон ашык адамдын ден соолугунун абалын көзөмөлгө алышкан. Көрсө, уйку менен жашоо узактыгынын ортосундагы байланыш «U» тамгасы сыяктуу элести берет экен".

"Өлүмдүн эң аз божомолу «U» тамгасынын эң ылдый тарабын көрсөтөт жана бул чекит күн сайын жети сааттык уйкуга туура келет. Мындан көп же аз уктоо, ошончолук эрте өлүмгө алып келет. Айта кетчү нерсе, уйку нормасынан аз уктагандарга караганда нормадан көп уктагандарда коркунуч көбүрөөк болот".

Бир күндүк уйку нормасы – 7 саат. Эгер мындан аз уктасаңыз, аз жашайсыз. Ал эми нормадан көп уктасаңыз, дүйнө менен андан да эрте коштошосуз дейт изилдөөчүлөр.

«Эгер сиз британиялыктардын төрттөн үчү сыяктуу эле алты сааттан сегиз саатка чейин уктасаңыз, кабатырланууга негиз жок», – деп профессор Капуччио ишендирүүдө.

## Нормадан көп же аз уктоо эмнеге кооптуу?

Нормадан көп же аз уктаган ар бир адамда кан басымдын көтөрүлүшү, диабет жана жүрөк-кан тамыр оорулары сыяктуу көйгөйлөр жаралышы ыктымал.

«Сегиз сааттан көп же алты сааттан аз уктаган адамда жогорудагы оорулардын пайда болуу коркунучу кескин жогорулайт. Бул өз кезегинде эрте өлүмгө кабылтат», – дейт Франко Капуччио.

Бирок бул коркунуч канчалык чын? Илимпоздор аныктагандай, 6–8 саат уктаган адамдарга караганда уйкусуз адамдарда өлүм коркунучу 12 пайызга жогору болот. Ал эми 6–8 саат уктагандарга караганда көп уктаган адамдардын арасында өлүм коркунучу 30%га көбүрөөк болгон.

## «Жети» деген алтын сан

Жыйынтыктап айтканда, биз канча саат укташыбыз керек? Көпчүлүк адамдардын өздөрүн кандай сезерине карабастан, идеалдуу санды так айтууга болот деп эсептейт Грэг Джейкобс:


«АКШнын уйку боюнча улуттук ишканасы ар бир жаз мезгилинде миңдеген адамдардан сурамжылоо жүргүзөт. Анда белгилүү болгондой, орто эсеп менен бул адамдар бир күндө жети саат укташат».

Дарыгер Джейкобстун божомолунда жети сааттык уйку мээнин жакшы эс алышы үчүн белгиленген табигый сан.


Жети саат уктаган адамдардын көпчүлүгү өздөрүн сергек сезгенин айтса, беш пайызы гана уйкусу канбаганын, чарчаңкы экенин билдиришкен.

Деген менен эгерде сиз жуурканды чүмкөнө жамынып алып, көп уктаганды жакшы көрсөңүз, андан ырахат алсаңыз, сиздин ден соолугуңуз мыкты.

"Уйку сизди эрте өлүмгө алып келет" деген маалымат азырынча так эмес. Бирок жогорудагылар илимий негиздеги кеңеш болсо, акыркы сөзүбүз мактоо гана.



# Н.Токтосунова: «Сүйлөшүп, түшүнүшүү маданияты бар экенин билдим



Сүйлөсө сөзүнөн бал тамган, ар дайым изденүүнүн, аракеттин үстүндө жүргөн, адамдык сапатты жогору баалаган, өз кесибин майын чыгара аткарган элдин кызы Нурзат Токтосунованын ийгиликке жетүүгө тиешелүү нускалуу ойлору сиздер үчүн

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

### Каармандардын сүйлөшүүсүн, чыгармадагы диалогдорду элестетип жашаар элем

Балалык кезим жаратылыштын, тоонун койнунда өткөндүктөн, көп кыялдарым бар болчу. Бирок алар алып баруучу же элдин кишиси болом деген кыялдар эмес болчу. Жөн гана ар кандай каармандардын сүйлөшүүсүн, чыгармадагы диалогдорду элестетип жашаар элем. Мисалы, мен уктаарда Бугу эне же жыландар ханышасы мага келип, алар менен сүйлөшүп, ушундай кыялдар, образдар менен жашачумун. Ал мезгилде алып баруучулук кесип бар экенин билчү да эмесмин. Бул кесипке кийинчерээк кастингден өтүп келип калдым.

### Өзгөрүүнү жакшы жакка багыттоо керек

Балалык кезде апамдын жылмайган күндөрү көп болуп, бир туугандарым, жалпы эле адамдар бактылуу болсо экен деп тилечүмүн. Балалык менен кош айтышып, турмуштун агымы менен Бишкек шаарыбыздагы "Ата-Түрк Ала-Тоо" университетине тапшырып, эл аралык мамилелер факультетин бүтүрдүм. Ал жерде окугандар элчи, дипломат болсом деп кыяданышса керек, менин да кыялым ушундай болчу. Тагдыр адамды ар кандай бурулушка салат экен, менин жашоомдо дагы андай бурулуштар болду. Ошол бурулуштардын бирөөсү – бул алпаруучулук жаатына кеткендигим. Насипти кайсы жерден тапсаң, ошол жерден улантат эмессиңби, ойдо жок жерден келип калган кесип жашоомдо өзгөчө орунду ээлеп калгандыгы үчүн ыраазымын. Азыркы учурда да ушул кесип менен алектенип жүргөн учурум. Эгер сүйгөн кесибиң болсо, анда чарчоо дегенди билбейсиң. Күндөн-күнгө өзгөрөсүң, бирок ошол өзгөрүүнү жакшы нукка буруу керек. Өзүңдү сырттан карап, кай жериме эмне жетишпейт? Кайсы жеримди эмне менен толтурушум керек деп, өзүңдү билим менен, изденүү менен, китептерди окуу менен, Жаратканга жакын болуу менен толтурганга аракет кылат экенсиң.

### Кемчиликтерибиздин бири - кыйынчылыкты аша албаганыбызда

Баары эле сен ойлогондой боло бербейт, ортосунда кыйынчылыктар, көңүл калуулар болот дегендей. Мунун баарын артка таштап, алдыга кадам шилтеп басып кетүү жакшы бир сапат деп эсептеймин. Себеби канча адамдар ошол ойлору менен, ошол жашоосу менен калып калган. Мен жакында бир бомж менен сүйлөшүп калдым, ал үй-бүлөлүк маселелерден улам ушундай абалга түшкөнүн, 20 жылдан бери ушундай көчө кезген абалда жүргөнүн айтып берди. Биздин кемчиликтерибиздин бири – бул кыйынчылыкты ашып өтүп кете албай калганыбызда. Кимде болбойт экен кыйынчылык? Кимде болбойт экен көңүл калуу? Ал тургай жанын кыйганга чейин барышат. Бирок ошонун баарын кечирип коюу да керектүү нерсе экен. Бирөөнү таарынтсаң өзүң эле кыйналат экенсиң. Туруп, иштеп кете берсең өмүр уланып кете берет экен.

### Ийгиликке жетүүнүн бир сыры - жакшы мамиледе болуу

Болгон нерсени болгонундай кабыл алып, алдыңкы жашообузга аракет кылсак деп айтаар элем. "Бир келген дүйнө" деп ооз учунан айта беребиз же "бир келген жашоо" деп. Бирок ушул бир келген жашоодо аябай бактысыз адамдарды көп көрдүм. Биз жөн гана үйлөнүү тойлорго барганда жетелешип бактылуу болуп көрүнүп коёбуз, бирок ичибиздеги ар кандай окуялар менен, түшүнбөстүктөр менен, бири-бирине таарынуу менен жашагандарды көрөбүз. Ушундан улам бизде маселени жай отуруп сүйлөшүү маданияты жок экендигин айткым келет. Жөн гана сүйлөшүү... Адамдар менен сүйлөшүү керек, айтыш керек, себеби сен аны менен сүйлөшпөсөң ал сени түшүнбөйт, сен аны түшүнбөйсүң. Ар бир адамдын өзүнүн оюу, жашоо образы бар. Жашоодо сүйлөшүү, анан түшүнүшүү деген нерсе бар экенин билдим. Бактылуулукка жетүүнүн, ийгиликке жетүүнүн дагы бир сыры ушул, адамдар менен жакшы мамиледе болуу.

### Чын жүрөктөн жардамдашууну унутуп баратабыз

Жетишкен ийгилигим деп бир нерсени айта албаймын. Биз кылчу иштер, биз ашчу ашуулар али алдыда деп эсептеймин. Азыркы учурда коомдо кандайдыр бир ордуңду тапсаң, анда бул бир аз гана изденүүлөрдүн, аракеттердин жемиши. Бирок биздин кыялыбызга, оюбузга чек жок. Кээде "Алып баруучулук" мектебине келген жаштар мекенге кызмат кылабыз деп айтышат. Мен айтам эл биздин кызматыбызсыз эле жашап келген жана жашап кете алат. Биз эмне кылып кызмат кылып жатабыз, эгер кызмат кылсак акысын алып жаткандырбыз. Эгер биз аракет кылып кызмат кылсак, анда ал өзүбүз үчүн, өзүбүздү табуу үчүн, адамдардан жакшы сөз угуу үчүн кылып жатабыз. Бирок чын жүрөктөн жардамдашууну унутуп баратабыз. Кимдир бирөө менен таанышканда анын пайдасын, атак-даңкын эмес, адамдыгына карап мамиле кылуу деген нерсе өткөн 20 жылдыкта жоголуп кеткен сыяктуу. Эми кайрадан, кичине-кичинеден жан дүйнө менен мамиле кылышты үйрөнө баштадык. Жакшылык кылсаң ал сөзсүз кайтып келерине ишенем. Калп эле мамиле кылуу, калп эле достошуу акыры бир күн билинет, ачыкка чыгат.

### Жашоодо бардык адамдар жакшы мамилеге муктаж

Кайрымсыз адам болобу же кандай гана адам болбосун, эч качан жакшы сөз айтуудан жүз бурбаш керек. Жашоодо бардык адамдар жакшы мамилеге муктаж. Ал министр болсун, депутат болсун, дүйнөдөгү эң бай адам болсун, булардын баары жакшы сөз угууга муктаж. Ичибиз тарып, бир нерселерди айтпай койбой, жакшы сөзүбүздү арнай беришибиз керек. Чын эле бул бир келүүчү өмүргө эмнеге келдик? Эмнени жасап жатабыз? Эмнени жасай элекпиз? Ушул тууралуу ой жүгүртүп койсок да туура болот. Бирөөнүн кийимин, туфлиси, басканы, жашоосу тууралуу бекер, бош сөздөрдү сүйлөп олтурууну текке кеткен убак деп билем.

### Адамдан таппаган нерсени китептен таап аласың

Жашоодо бир орунда туруу болбойт, алдыга же артка кетебиз. Ал канча жашта болбосун айырмасы жок. Менин 80 жаштагы энем да бир нерсе үйрөнүүгө кызыкдар. Ал эми мен ар кандай тренингдер болуп калса, ал жакка барып тажрыйба алышууга аракет кылам. Өнүктүрүүнүн дагы бир жолу – бул китеп окуу. Эгер сен китеп менен дос болсоң, анда сен жашоодон уттурбайсың. Китеп окуу менен эч кимге муктаж да болбойсуң, бардык нерсени китептен таап алсаң болот. Кээде адамдардан таппаган нерсени китептен таап аласың.

### Ойлорду топтоодо жалгыздык керек болот

Адамдар коомдо топ-топ болуп жүргөнгө көнгөнбүз. Бир жакка бара турган болсок, "ай жүр, ай мени менен барып келчи" деп ээрчитип алабыз. Мен жашоодо көп учурда жалгыз жүргөнүмдү көрүп, адамдар таң калышат. Ооба, албетте, досторум көп, тааныштарым андан көп, окуучуларым андан да көп. Бирок кээде ойлорду топтоодо, жакшы бир ишти ойлонууда жалгыздык керек болот. Негизи эле жалгыздыктан коркпоо керек. Саякатка чыкканда жалгыз кетем, бирөө менен барып, анын көңүлүн алып, ага жаккандай сүйлөп эмес да. Андан көрө өзүң барып, жаратылышка карап ой жүгүртүп келген жакшы.

### Чыныгы колдоочу таптым

Кудайга ыраазымын, чуркап-чуркап жүрүп, үй-бүлөлүү болгондон кийин кандайдыр бир ички тынчтануу жашоомдон орун алды десем болот. Жолдошуң айланаңдагы дос дагы, бир тууган дагы, жакшы адам дагы, сырдашың дагы болот экен. Учурда жакшы күндөр өтүп жатат, сени түшүнгөн, сени колдогон, сенин ойлоруң, максаттарың менен эсептешмек тургай, аны андан дагы өркүндөткөн адам болгону абдан дагы жакшы экен. Жолдош таптым эмес, балким чыныгы колдоочу адам таптым дегендей.



Нурзат Токтосунованын "Нур" мектеби

# Биз гезиттин талабын ээрчибей, гезит, окурмандар бизди ээрчисе жакшы болот эле

Эмнегедир аял жазуучулар сейрек. Ошол сейректерди сенейтип таштап койбой, коомчулукка тааныштыра жүрүү да биздин калемгерлик милдетибиз сыяктуу. Ушундан улам бул жолку адабияттык рубрикабызды аял жазуучулардын көкүрөк көйгөйүнө арнадык



Маектешкен ЭРЛАН ЖУМАГАЗИЕВ

Талкуунун катышуучулары КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу, акын Меңди Мамазаирова, акын, жазуучу, журналист Айнагүл Базарбаева, жазуучу жана коомдук ишмер Ленара Ниязбекова жана акын, жазуучу, журналист Гүлзина Мыйзанбековалар болушту. Эмесе ошол көйгөй көтөргөн маек сиздердин сыныңыздарда.

**– Учурдагы эже-карындаштардын кара сөз түрүндөгү чыгармаларын гезит беттеринен, интернет булактарынан көп окуп жүрөм. Дээрлик басымдуу тема – сүйүү, ажырашуу, кайра табышуу, бузулган эркек, жеңил ойлуу аял. Бул азыркы замандын модасыбы?**

Гүлзина Мыйзанбекова: – Өзүм кара сөзгө жаңыдан аралашып атам. Буга чейин ыр жазып жүрчүмүн. Алгачкы аңгемемди чоң энемден уккан окуянын негизинде жазгам. Албетте, арасында сүйүү бар, бирок көтөргөн темасы таптакыр башка, салт-санаа тууралуу болчу. Гезитке жарыяланды. Эл жакшы кабыл алды.



Кийинчерээк "Сүрөт айткан сыр" деген аңгеме жазып, ошол эле гезитке алып барсам, "Мурун жакшы жазчу элең, эмнегедир бул жолку чыгармаң солгун болуп калыптыр" дешип, ал жердеги мен айтайын деген ойду таптакыр бурмалап, таптакыр башка нукка буруп туруп чыгарып ийишиптир. Себебин сурасам "окурмандардын талабы ушундай" деп ийнин куушурушат. Чындап келгенде менин эң мыкты жаздым деген чыгармам ошол болчу. Калемгер катары өмүрлөшүмө да (акын Кутмырза Жакыбалиевдин жары – ред.) аябай жаккан.

Мен ошол сен айткан темадан таптакыр четтеп, башка темаларда жазганга аракет кылып атам. Тилекке каршы, коомчулук, редакциялар жакшы кабыл албай атат. Аларга жалаң курч окуялуу, сүйүүсү арбын чыгармалар керек өңдөнөт.

Айнагүл Базарбаева: – Кийинки мезгилде биздин турмушубузда ажырашуу да көп болуп кетти. Ойлогон оюбуз да ошол болуп калды. Ошол оюңа жараша да жазып калат турбайсыңбы кээде.



Эсиңде болсо керек, 2005-жылы Улуттук Жазуучулар Союзунун 70 жылдык маарекесинде Адахан Мадумаров (ошол учурда мамлекеттик катчы болчу – ред.) "Жазуучулар сиздер бүгүнкү күндү жазбай атасыңар" деп айтты эле. Ошол сынды алиге дейре кабылдайм. Чындап алганда, биз учурду жаза албай атабыз. Айталы, Апрель баатырларын, Ош окуясын көтөрсөң эле не деген сонун чыгарма жаралмак.

Ал эми сен окуп аткан чыгармалар ошол гезиттин талабы. Эптеп окурмандарды тартыш үчүн аттарын кызыктыра атап, сюжетти бурмалап коюп атышат. А жыйнак кыла турган чыгармаларым таптакыр башка өңүттө.

Гүлзина Мыйзанбекова: – Чынында, биз гезиттин талабын ээрчибей, гезит, окурмандар бизди ээрчисе жакшы болот эле. Карап турсаң, "Ойношунун махабаты", "Эрден чыккан кыз" деген сыяктуу аттарды коюп алышып, элди кызыктырып атышпайбы. Элдин табитин нукура баалуу чыгармаларга буруп кетсек биздин жеңиш да, жемиш да болмок. Тилекке каршы, андай чыгармалардын өтүшү сейрек.

Ленара Ниязбекова: – Адабият – коомдун күзгүсү. Эгер коомго тереңирээк саресеп сала турган болсок, ааламдашуу нугунда дейбизби же карама-каршылыктын алкагында дейбизби, айтор, адамдар табиятынан асылдуулукка, баалуулукка умтулган мезгилде жашап атабыз. Азыр жаштар сүйүү жөнүндө жазып калды деп атабыз. Көрсө, бүгүнкү күндөгү эң чоң көйгөй чыныгы сүйүүгө болгон муктаждык, таза сүйүүнүн жетишпестиги экен. Анткени биз махабат деп ооз толтуруп айтканыбыз менен аруу сүйүү чанда кезигип келиптир.



**– Азыр чыгарманы көркөм чыгарма, анан көчө чыгармасы деп бөлүп калбадыкпы. Туура көчө тилиндеги чыгармаларда деле учурдун көйгөйү көтөрүлүп атат. Бирок ошончо ыпыластыктын кереги бар беле?**

Меңди Мамазаирова: – Чыныгы прозаны жазыш үчүн калемгердин адамдык, атуулдук деңгээли жетилиш керек. Ошондо гана мамлекет деген эмне, эл деген эмне, улут деген эмне, ошол улутубуз кандай акыбалда жашап атат, улуттун тагдыры кандай, ал эмнеге байланган деген сыяктуу маселелерди ылгап билип, аң-сезимиң жеткенден кийин поэзияга деле орун калбай калат, эгер чындап эле прозачы болсоң. Экинчиден, сенин прозаңда замандын, мезгилдин образы калыш керек. Прозанын бир өзгөчөлүгү мына ушунда.



Эми суроооңо келе турган болсом, мындай табит бузган, ыпылас литературщиналар (куру сандырак чыгармалар – ред.) тээ илгертен эле болуп келген. Бирок кайсыны окуш керек, кайсыны окубаш керек экенин эл өзү тандап алса жакшы болор эле. Менин угушумда мындай чыгармалар заказдык негизде, ким бирөөнүн чөнтөгүн толтуруунун гана максатын көздөп жазылат экен. Эми ал утурумдук көрүнүш деп ойлойм. Акырындык менен проза да, поэзия да өз нугуна түшөт.

**– Жакшы ой козгоп кеттиңиз, эже. Жашыруун эмес, Батыштагы "жазуучунун чыгармасы эмес, басмакана чыгарат" деген түшүнүк акырындык менен бизге да келе жаткан сыяктуу. Сурайын дегеним, сиздерге да мобуну жаз деген заказ түшсө аткарат белеңер?**

Меңди Мамазаирова: – Ошондой басмаканалар болбой атпайбы. Буга чейин бирөөнүн тапшырмасы менен "Акимдин махабаты" деген роман жазгам. Эми бул менин да көкүрөгүмдү өйүп жүргөн маселе болгондуктан жаздым. Таптакыр жан дүйнөмө туура келбеген тема болсо, жазбай коёт элем. Жогоруда Айнагүл айтып кеткен бүгүнкү күндүн көйгөйүн көтөрүп чыктым. Учурда дагы бир азыркы коомдун абалын чагылдырган романдын үстүндө иштеп атам. Убагы келгенде ага да күбө болорсуңар. Азырынча ачык айтпай турайын.

Чындап алганда заказ менен жазыш өтө кыйын. Качан гана идея өзү келип, аны кайсы предмет менен ишке ашырасың бул башка маселе. А идеяны да, предметти да бирөө бергени өтө татаал маселе.

Гүлзина Мыйзанбекова: – Кайсы бир чыгарманы жазып бүтүп алгандан кийин кадимкидей эс алып каласың. Жан дүйнөңө тынчтык бербей аткан, кандайдыр бир бук чыгып кеткендей жеңилдеп каласың. Кээде өзүм жазганды өзүм окуп алып ыйлаган күндөр да болот. Меңди эже айткандай, качан гана идея өзү келген учурда канааттануу алуу менен иштейсиң. А бирөөлөр заказ берсе, ал чыгарма меники эмес сыяктуу туюла берет.

Кайсы бир жолу сынакка катышуу үчүн атайын тема чектеп беришкен эле. Ошондо аябай кыйналганым эсимде. "Жазбайм" десем, "Жок, проза аз, сен жазышың керек" деп тапшырма бергендер болбойт. Кыйналсам да жаздым. Бирок өзүң каалап жазгандан сезим башкача болот экен. Эргүү келмейинче, андан-мындан чаптап, өзүңдү кур бекер кыйнай берген да туура эмес экен деген чечимге келгем ошондо. Ошондуктан азыр атайын тапшырма менен жазбайм.

Айнагүл Базарбаева: – Негизинен эле мен өзүм каниет менен жашаганды жакшы көргөн адаммын. Учурда деле журналист катары партиялардан сунуштар түшүп атат. Жетекчилерим деле "Саясаттан акча иштеп калбайсыңбы" деп атышат. Бирок ошолордун акчасы адалбы, адал эмеспи, буйруйбу, буйрубайбы деген да суроолор бар да.

"Эгер сен дүнүйө-мүлктү ойлосоң, кедей болуп калуудан коркуп жашайсың, эгер сен акыреттин камын ойлосоң, дүнүйө-мүлк сага кор болгон абалда келет" деген бир жакшы хадис окудум эле. Жашоонун маңызы эмне? Өлбөгөн эч ким жок, баарыбыз өлөбүз. А өлгөндөн кийин эмнени алып кете алабыз? Жадагалса, жазган чыгармаларыбызды да көргө кошо алып кете албайбыз.

Бирок артыбызда адамзат үчүн жасап кеткен жакшы иштерибиз, жакшы чыгармаларыбыз калат. Үстүңдө үйүң болсо, анан келген ойлоруңду жазып турганга бир компьютериң болсо жетет да. Андан артыктын эмне кереги бар? Ошондуктан күнүмдүк көр оокатка алданбай, түбөлүктүн камын ойлоп жашагандын өзү жакшы нерсе.

*Башы жана уландысы бар*

# Жерүй алтын кенинде казылбай жатып эле кырылыш




Кыргызстан эгемендик алгандан кийинки эң ири алтын кен долбоорунун айланасындагы жашыруун, көмүскө иштердин көбү ушул кезге чейин көпчүлүккө жарыя кылына электиги баарына эле белгилүү. "Биздин өлкөдө алтындан башка нерселер менен деле жан бакса болот" деп Талас эли Жерүйдү иштетүүгө каршы экенин билдирип, митинг өткөрдү «окуясы» жана губернатордун муну төгүнгө чыгаруусу

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## "Элди кырып таштаса да, Жерүйдү бериш керек"

Эл алтындан башка нерселер менен деле жанын бакса болот деген **Кадырбек Усөнбаев** төмөнкүлөргө токтолду: "Кумтөр маселеси ушул убакка чейин чечилбей жатса, эми Жерүйдү казабыз деп атышат. Советтер Союзунун убагында, 1960-жылдары "эгерде Жерүйдөгү алтындарды ала турган болсок, Талас өрөөнүндөгү элди Казакстанга көчүрүш керек" деп айтылган. Жерүйдө аябай оор металлдар бар. Бул металлдар элдин баарын ууландырат деп чечим чыгарышкан. Жерүй Талас өрөөнүнүн, суунун башаты. Азыр булар жанын жеп жатат. Акча түшсө болду, калганын карашпайт. Талкалайт дагы басып кетишет. Биз ошол үчүн каршыбыз Жерүйдүн казылышына. Таласта 2012-жылы "Талас ынтымагы" деген уюм түзүлүп, эл ынтымагында Талас өрөөнүндөгү кен байлыкка 50 жылга мораторий жарыяланган. Анын резолюциясы Президентке, Өкмөткө берилген. Ошондо тынчып калышкан. Эми кайра Премьер-министр жана Президент "Жерүйдү эмне кылсак дагы алабыз" деп коркутуп жатышат. 20-августта "Керек болсо, күч колдонобуз" деп айтканын аткарышты. Тынчтык митингге чыккан Аман Артыковду баш кылып, 10дон ашык жигитти милиция камакка алып кетти. Артыковдун кайсыл жакта камалганы ушул убакка чейин белгисиз. Талас РОВДсыбы, УКМКбы, кимиси камап, кайда алып кеткени белгисиз. Премьер-министр 10-июлда барып, "Жерүйдү бересиңер, мен УКМК менен РОВДнын 2 генералын алып келдим. Эгерде бербесеңер күч колдонобуз" деп айткан. Балыкчы-Бишкек жолун ачып жатып, Президент дагы "Башыңардан сылап отурбайбыз, төбөңөрдү уюта чаап туруп, кен байлыкты алабыз" деди. Эл Жерүйдү иштеткенге каршы. Элдин жашоосун оңдогонго мүмкүнчүлүк толтура. Башы иштеген өкмөт болсо, алтынсыз деле Кыргызстанды гүлдөтүп койсо болот. "Убактылуу өкмөт бийликке келгенде Кумтөрдүн эсебинен 150 миллион доллар алышкан" деген сөз жүрүп атат. Ал акчаны кимиси катып алганын эч ким билбейт. Ошол себептен булар элдин жарымын кырып таштаса дагы, эптеп абийирин жаап Жерүйдү бериш керек".



## "Жерүйдү иштетпесин дегендер эл душманы болуп атат"

**Өкмөттүн Талас облусу боюнча толук ыйгарым укуктуу өкүлү Байыш Жуманазаровдон** "камалып кетти" делген таластыктар жөнүндө сурасак, төмөнкүлөрдү айтып берди: "Мен ошол күнү мугалимдердин облустук конференциясында болчумун. Жумушка баргандан кийин "15-20 адам чогулуп, чоң митинг кылабыз деп кагаздарды таркатып, аракет кылышкан" деп мага маалымат беришти. Эч ким деле бул жерге чогулган жок. Митинг кылууга уруксат алынган эмес. Эл ичинде эч бир авторитети жок адамдар элдин атынан деп чыкканына бир чети күлкүң келсе, бир чети капаланасың. Анын кандай акысы бар элдин атынан сүйлөгөнгө? Эл үчүн эмне кылып койду. Митингге деп чыккандар өздөрү эле таркап кетишти. Эч ким аларды камаган жок, милиция кызматкерлери болгону түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. "Мени камады" деп өзүн баатыр сезген туура эмес, уят нерсе. Камаган башкача болот. Талас элинин дээрлик көпчүлүгү өз кызматтарында, талааларда төө буурчак жыйнап, ар ким өз жумуштары менен алек.



Тийиштүү мамлекеттик структуралардын баары, конкурсту утуп алган компания экологияга бир дагы зыянын тийгизбестен иштетебиз деп кепилдигин берип атат. Конкурс мыйзам чегинде өтүп, мурда 300 сомго берилген лицензия азыр 100 миллион долларга сатылып атат. Акчаны которуп беришти. Айыл өкмөткө, райондо, эми облуска түшөт. Ар бир жерге 3 миллион доллардан. Лицензиядан тышкары канчалаган салыктар түшөт. Соцпакет деген статья менен кошумча 100-150 миллиондон түшөт. Бизде толтура көйгөйлөрүбүз турат. Эгер эл үчүн десек Жерүйдүн даяр турган акчасын иштетишибиз керек. Жерүйдү иштетпесин дегендер эл душманы болуп атат. Себеби бир дагы далили жок, жөн эле саясат. Жерүйгө каршынын баары эле эл тарап болуп, иштесин дегендер душманбы? Таза экономикалык ишти саясатка аралаштырабыз дегендер бар. Артыковдун аркасында бирөөлөр турушу мүмкүн. "Каалаcак митинг өткөрөбүз, каалаcак жолду тосуп алабыз" деп, демократияны туура эмес түшүнүшөт. Демократия деген өлкөнүн ичиндеги мыйзамдарды сактоо".

## "Бул кенди сөзсүз иштетишибиз керек"



**Тоокенчилер ассоциациясынын президенти, өнөр жайдын эмгек сиңирген кызматкери Орозбек Дүйшеев:** "Жерүй Кыргызстандагы Кумтөрдөн кийинки ири кен болуп эсептелет. Бул кен 1968-жылы ачылып, иштетүүгө дайын болгон. Бул кенди иштетүү маселеси боюнча 1991-жылы мамлекеттин токтому чыккан. Бирок 24 жылдан бери эч кандай ишке киргизе албадык. Мына жакында ишке киргизүү боюнча чечим чыкты. Бирок көптөгөн катачылыктар кеткенин адистер белгилешүүдө. Катачылык боюнча биз бийликке 2 ай мурун кайрылуу жазганбыз. Бийликтен бүгүнкү күнгө чейин жооп ала элекпиз. Бул кенди сөзсүз иштетишибиз керек. Анткени региондор бүгүнкү күндө 80 пайыз дотацияда отурат. Жолдорду, мектептерди жана жаңы маданий курулуштарды курууга мүмкүнчүлүктөр жок. Ошол үчүн биринчиден, адистер менен кыргыз жерине пайдалуу кылып, Жерүйдү тездетип, чечим чыгаруу керек. Экинчи маселе, элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү керек. Жерүйдү иштеткенден Талас өрөөнүнө эч кандай экологиялык зыян болбойт. Бүгүнкү күндө илимдин, техниканын жетишкендиктерине негизделген жаңы технология колдонулат. Ошондуктан экологияга эч кандай коркунуч болбойт. Түшүндүрүү иштерине илимпоздорду, адистерди тартуу керек. Биздин бийликтеги тоокен тармагы боюнча түшүнүгү жок адамдар түшүндүрүү иштерин жүргүзө албайт. Бул бийликтин катасы. Тоокенди түшүнбөгөн, элдин кызыкчылыгын ойлобогон адамдар кыйкырышып, элди каршы үгүттөп жатышат. Булардын сөздөрү такыр туура эмес экени далилденүүдө. Жерүй муздан төмөн турат. Муздун Жерүйгө эч кандай тиешеси жок. Заводдору туура жерге курса, эч кандай сууга кошулбайт. Ошондуктан, таластыктар, эч коркпогула, Жерүйдөн зыян жок. Биздин эсептөөлөр боюнча Жерүй кенинен 1,5-2 тонна алтын чыгарып баштаса, Талас облусу толугу менен дотациядан чыгат. Андан кийин мектептерди, ишканаларды, жолдорду курса болот. Демек, өкмөттү карабастан, Талас өрөөнүн өстүрүүгө шарт түзүлөт.

*Эгерде биз Кумтөрдү казгандай Жерүй кенин казып салсак, анда кийинки урпактардын баарына уулуу заттарды калтырып кеткен болобуз. Кыргызстандагы Кумтөр кени деле казылып, көптөгөн тонна алтындар чыгарылып кетти. Кыргыз эли буга байланыштуу кыйынчылыктарды башынан өткөрүп келе атат. Ошол кыйынчылыктарды жеңип, мектеп, жолдорду жана башка имараттарды мамлекетти карап отурбай, алтын кендерин казбай эле эл өзүбүз деле аракет кылсак жакшы болмок. Алтын кендери кийинки муунга калса, балким кендерди эч кандай уулуу зат колдонулбаган технология менен иштетип алышы мүмкүн. Албетте, бул биздин жеке пикирибиз.*



# Путинге Үркүндү “кыргын” дедирткенге негиз барбы?

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

### Кыргыз бийлигинин аракеттери

Бул маселе боюнча коомдук пикирлердин тенденцияларын туура аңдаган, бирок дүйнөлүк саясий кырдаалды да эске алганга мажбур болгон бийлик мамлекеттин туруктуулугун сактап калуу аракетинде.

Президентибиз Алмазбек Атамбаев Үркүндүн жүз жылдыгын эскерүү боюнча жарлыгында ага тарыхый баа берүүнү тапшырган. Ак-Шыйрактагы сөөктү кайра аруулап, жерге коюу жөрөлгөсүн “1916-жылкы көтөрүлүштүн 100 жылдык маарекесин белгилөө үчүн расмий комиссиянын” жетекчиси, биринчи вице-премьер-министр Тайырбек Сарпашев жетектеп барып келди. Бийликтин демилгеси менен Бишкектин түштүк дарбазасында жана Ата-Бейитте 1916-жылга арналган комплексттер салынмакчы болууда.

Жогорку Кеңештин быйыл 18-апрелде кабыл алган токтомуна ылайык 1916-жылкы Үркүндү эскерүү иш-чаралары биринчи жолу расмий түрдө белгиленди. Үркүн курмандыктарын эскерүү күнүн белгилеген Жогорку Кеңештин быйылкы токтомуна Орусиянын Тышкы иштер министрлиги “бул токтом эки өлкөнүн достук мамилесин салкындатат” деп наразылык билдирген. Кыргыз парламенти болсо, токтом эки элдин мамилесин эч кандай салкындатпастыгын, орус бийлигинин мындай билдирүүсү кыргыз тараптын таң калуусун жаратканын белгилеген.

### Путин кыргыз бийлигинен дагы оор абалда

Түркияда 100 жыл мурун болуп өткөн окуяларда армяндар 1,5 миллион улутташыбыз кырылган десе, түрк тарыхчылары бул бир нече эсе көбүртүлгөн цифра дешүүдө. 1915-жылы армяндардын бир бөлүгүнүн кырылып, бир бөлүгүнүн депортация кылынуусунда Орусия тараптын да күнөөсү бар деп келишет. Түрк жана кээ бир батыш тарыхчылары Түркстанда түрктөр тымызын иштеп, Орусия империясына каршы көтөрүлүш кылган деген сыяктуу эле Осмон халифалыгы батыш дүйнөсү менен кармашып жаткан кезде өлкөдөгү армян калкынын бир бөлүгү орустардын тукуруусу менен арттан канжар сайган деп келишет.

Үстүбүздөгү жылдын 24-апрелинде Путин Түркия менен да, Армения менен да мамилесин коргоп калуу үчүн оор сыноого кабылган. Себеби батыш өлкөлөрүнүн көбү 2015-жылы армяндар менен болгон окуяны “геноцид” деп таанып, өздөрүн цивил мамлекеттеринин арасына кошушкан. Окуянын 100 жылдыгына чакырылган Путин батыш өлкөлөрдүн арасында Орусиянын аброюн сактап калуу менен бирге Арменияны Бажы биримдигине киргизиши керек болчу. Ошол эле убакта НАТОнун көрүнүктүү мүчөсү жана орус газын Европага чыгаруунун альтернативдүү жолу болгон Түркия менен кызматташуусун күчөтүүсү зарыл болгон. Себеби орустар Крымды Украинадан кайтарып алгандан кийин Түркия Орусияга каршы экономикалык курчоого катышуудан баш тарткан күчтүү мамлекеттердин бири болчу. Путин армяндардын трагедиясын “геноцид” дебестен, “Орусиянын жүздөгөн шаарларында 2000ге жакын аза күтүү иш-чаралары өтөт. Орусия адамдарды массалык түрдө кырууну эч кандай шылтоо менен актоого болбойт деген оюнан эч качан кайткан эмес” деген сөздөр менен жоокалаткан. Азербайжандан Карабак өрөөнүн талашууда орустардын жардамы менен азерлерге сес көрсөтүп турган армян тарап үчүн мындай формулировка жетиштүү болгон. Армения үчүн Путиндин 100 жылдыкка келип бергенинин өзү чоң жеңиш эле.

2016-жылкы Үркүндө болгон окуяларда Орусия Президенти Армениядагыдан дагы оор абалда. Себеби азыркы орус бийлиги падышалык Россиянын мураскору экенин байма-бай жар салып келет. Орусиянын Коргоо министри быйылкы 9-майдагы аскердик парадды чокунуп алып баштоосу азыркы орус администрациясынын кудайсыз Совет доору менен бирге падышалык мезгилдин өкүлдөрү экенин апачык көргөздү. Армяндарды түрктөр кырган болсо, 2016-жылы “булардын руху жок, рухунун ордуна буу эле чыгат денелеринен” деп, кээ бир православ молдокелер Борбор Азия элин кыруудан тайсалдаган орус аскерлерин шыктандырганын орус тарыхчылары жазышкан.

Ошентип Үркүн маселесинде Владимир Путин Орусия жана кыргызстандык орустар менен кыргыз өкмөтүнүн ортосунан геосаясий жоготууларга учурабастан суурулуп чыгуусу керек. Батыштык лобби күч болгон Кыргызстанда бул чын эле алдыга тартсаң ат өлүп, артка тартсаң араба сынчу маселе.

### Батышчыл этнопсихологдордун пикири

Интернеттеги коомдук тармактарда Үркүн тууралуу өзүнчө пикир агымын жаратканга аракет кылган батышчыл тайпа төмөнкү маселелерге көңүл бурууну талап кылууда. Алар элдин аңсезиминин бир бөлүгүн түзгөн эс-тутум коомдук жашоого дайыма өз таасирин тийгизет дешет. Заманбап саясат, символикалар, коомдук топтор менен болуп өткөн окуялар ал эс-тутум тарабынан акталып кабыл алынат. Жакшы аңдалып, толук кабыл алынбай калган эс-тутум травмасынын кесепети келечекке сөзсүз таасир берет. Ал кесепеттер орунсуз басынуу жана конфликттерге алып келет.

Ошондуктан тиешелүү мамлекеттик уюмдар эс-тутум саясатын жүргүзүп, элдин эс-тутумунун калыптанышына жардам кылуусу керек. Анын негизинде жалпы улуттун руханий идентификациясына шарт түзүүсү зарыл. Этнопсихологдор “Акыры кыргызстандыктар өздөрүн же “мен кыргызмын”, же “мен кыргызстандыкмын” деген жеке идентификация кылышы зарыл. Биз өзүбүздүн тарыхыбыздын кайгылуу жана жаркын бардык барактарын келечек муунубуз менен бирге талдап чыгып, улут жана мамлекет катары ким экенибизди аныктап, өзүбүз менен таанышуубуз керек” дешет.

# Бишкекте көк бөрү майрамы башталды

Көптөн күткөн эгемендик майрамын утурлай уюшулган Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогу үчүн болгон көк бөрү башталды. Мелдешке жалпысынан 12 команда ат салышмакчы. 25-26-27-август күндөрү топтук оюндар старт алып, 29-август күнү жарым финал, ал эми 31-августта финал болмокчу

РАХАТ АКМАТОВА



Сүрөт ▸ Т.Досалиев

### "Датка" командасы – күндүн каарманы

25-август күнү Президенттик кубок үчүн болгон беттештер старт алды. Сынак күтүлгөн убактысында башталып, оюндар жалпысынан кызыктуу маанайда өттү. Бул күнкү оюндун каарманы "Датка" командасы болду.

### Алгачкы оюнга "Аккула" менен "Көк-Жал" чыкты

Алгачкы оюнга ат майдандын ээси болгон "Аккула" командасы менен Аламүдүн районунан келген "Көк-Жал" командасы чыкты. 1-таймдын 35-секундасында "Көк-Жал" командасынын оюнчусу Сатылганов Эрмек өзүнүн Волкодав аттуу аргымагы менен командасынын эсебине алгачкы улакты салды. Ал эми экинчи таймдын 14-мүнөтүндө ошол эле "Көк-Жал" командасынын оюнчусу Таалайбек уулу Калыс Тайфун аттуу бууданы менен экинчи улакты салууга үлгүрдү. Мелдеш жалпысынан 7:0 эсеби менен "Көк-Жалдын" пайдасына чечилди.


### Оюн жылдызына айланган "Датка" командасы

25-августта "Бөрүлү" командасы менен "Датка" командасы эң мыкты оюн көргөздү. Оюндун алгачкы мүнөттөрүндө эле "Датка" командасынын 4-катар номердеги оюнчусу Талант уулу Адилет атаандашы "Бөрүлүнүн" тай казанына улак салууга жетишти. Оюн кызуу уланып 1-таймдын 5-мүнөтүндө "Бөрүлү" командасынын оюнчусу Сраждинов Мирлан Улар аттуу аты менен эсепти тең кылууга үлгүрдү. Ага удаалаш ошол эле "Бөрүлү" командасынын оюнчусу Насакеев Улан дагы бир улакты таштоо менен эсепти "Бөрүлүнүн" пайдасына чечти. Ал эми биринчи таймдын 12 мүнөтүндө "Датка" командасынан кайрадан Талант уулу Адилет экинчи улагын тай казанга таштоого үлгүрдү. Баарынан 2-таймдын соңку секундаларында "Бөрүлү" командасынын улакчысы Кыдыков Калысбек жан талаша эсепти 3:3 кылып тактап кеткени улак ышкыбоздорунун бүйүрүн кызытты. Ал эми 3-тайм кызуу уланган беттеш менен коштолду. Оюндун соңку мүнөттөрүндө Датка командасынын оюнчуларынын бири Акбаралиев Жеки 4-улакты салуу менен командага жеңишти алып келди. "Бөрүлү" командасы Кыргызстандагы салмактуу командалардын катарын толуктап тургандыктан "Датка" командасына татыктуу атаандаш боло алды. Ал эми "Датка" командасы бул оюнга өзгөчө мыктылап даярданып келгендиктен күйөрмандардын арзуусуна татып, кийинки мелдештерге бир топ үмүт отун жандыра алды десек болот.

### "Талас" менен "Бакай-Ата" ынтымактуу оюн көргөздү

Бул оюн жогорудагы оюндардан ынтымактуу жайбаракат өңүттө өткөндүгү менен айырмаланып турду. Чүчү кулактан бир чыгып калганына байланыштуу "Талас" облысынын эки командасы ат салышышты. Жогоруда айтылып кеткендей командалардын ортосунда сыйлоо, жол бошотуп берүү өкүм сүрүп турду. Жалпысынан эсеп 17:7 упай менен "Талас" командасы жеңишке жетти. Бул оюнда Эшиев Карыпбек жана Анарбек уулу Сейитбек атаандаштарынын тай казанына үстөкө босток улак таштаганы менен өзгөчөлөнүп турушту.

25-августта өтүүчү оюндардын эң соңунда "Баткен" менен "Ак-Суу" командалары ат салышмак. "Баткен" командасы жүйөөлүү себептер менен ойнобой калгандыктан жеңиш "Ак-Суу" командасына ыйгарылды.



Көк жал командасынын оюнчусу Акбаров Мыйзам менен Аккула командасынын оюнчусу Ниязов Баяман жекеме жекеде




Ниязов Баяман чабуулда



Оюн учурунда "Таластан" Орозбаев Жоки жыгылып жаракат алды



"Датканын" оюнчусу Мусаев Нооруз мыкты оюн көргөздү



"Бөрүлүнүн" атактуу оюнчусу Нургазы Борбиев чабуулда

# Түгөй тандоодо эмнеге көңүл бурасыз?

Түгөй тандоо - жашоодогу эң маанилүү чечим. Үй-бүлөсү бар, турмуш курган адамдардан «Түгөйүңүздү тандоодо эмнелерге көңүл бургансыз?» деген суроого ала турган жооп көп деле канааттандырбайт. Өзгөчө акыркы убактарда жар тандоодо көп маани берилбей, жеңил ойлуулукка салып, бейтааныш эле кызды күчкө салып ала качуу, ата-эне «сүйгөн кызга үйлөнүү» же болбосо төрт жагы төп келишкен «идеал» адамды издөө менен убакыттын кантип өтүп кеткенин байкабай калган кыз-жигиттердин саны көбөйүүдө



ЭЛИЗА ИРАНОВА

Айрымдар ошол кезде кантип турмуш куруу керектигине акылы жетпегендигин, майда-чүйдөсүнө дейре маани берип ойлобогондугун айтышат. Дагы бирөөсү "Туура эмес чечим чыгардым, бактысыз болдум, түшүнүшө албадык" дейт. Сырткы сулуулукка, байлыкка, мансапка алданып, кыялдын гана деңизинде сүзгөн жаштардын саны канча. А чынында, турмуш тизгинин кыял менен тартуу мүмкүн эместигин өз учурунда байкабайт экенбиз. "Өмүрүмдү кайрып берсе же азыркы акылым ошондо болгондо мындай ката кетирмек эмесмин" деген түгөйлөр да жок эмес. Кайра жаңылышат беле же жокпу, ал деле белгисиз, бирок үй-бүлө куруунун маанилүү, олуттуу эрежелери жана этаптары болуусу керек дешет.

Мына ушул туурасында 15 жыл чогуу болуп, жакшы өмүр сүрүп, бактылуу жашаган 100 үй-бүлөгө жүргүзүлгөн изилдөөдө алар төмөндөгүлөрдү айтышкан:

**1. Бири-бирибизди тааный ала турганчалык убакыт бердик**

Турмуш куруудан мурда эки жаштын бири-бирин жакшылап тааный ала тургандай убакыттын болуусу маанилүү. Бир көрүп ашык болуунун, тез чечим чыгаруунун аягы көбүнчө өкүнүч менен аяктайт. Эки жаш бири-бирин таанууда шашылбоолору керек. Себеби бүгүн көралбаганыңызды эртең байкашыңыз ыктымал. Убакыт эң жакшы байкоочу деп коюшат эмеспи. Бири-бириңизди ар тараптан байкап, билип, тааныганыңыздан ишенимдүү болууңуз керек.

**2. Ата-энелерибиздин ыраазычылыгын алдык**

Кээ бир түгөйлөр «Биз бири-бирибизди жактырган соң, калганы маанилүү деле эмес» деп ойлоп, жаңылып калышат. Албетте, алгач экөө бири-бирин жактыруусу керек. Бирок жашооңуздун эң маанилүү чечимине үй-бүлөңүздүн, ата-эне жана жакындарыңыздын да оюн кошуу менен бирге алардын материалдык жана моралдык колдоосун алсаңыз, үй-бүлөңүз дагы да жакшы, бактылуу болуунун кепилдигин берет. Эгер ата-эненин ыраазычылыгына көз жумуп койсоңуз, ичиңизди өкүнүч кемирип, жаныңыз тынч албайт. Мындай учурда жалгыз болгондуктан үй-бүлөңүздүн колдоосун ала албайсыз.

**3. Сырткы сулуулуктан да, ички сулуулукка, мүнөзүбүзгө маани бердик**

Сулуулукка алданып, кыялданып жашоонун арты жакшылыкка алып келбейт. Үй-бүлөдөгү бакыт сырткы сулуулук менен эмес, жан дүйнө сулуулугу менен өлчөнүп билинет. Адамдагы ички сулуулук жакшы мамиледен, жүрүш-туруштан, жылуу сөздөн билинет. Мээрим, урмат-сый сүйүүнү пайда кылат, бул бир үй-бүлө үчүн табылгыс пайдубал.

**4. Көз караш, ойлорубуздун жана ишенимдерибиздин туура келүүсүнө көңүл бурдук**

Бул эреженин канчалык маанилүү болгондугу айдан-ачык. Көз караш, ишенимдери ар башкача болгон үй-бүлөдө эч бир орток тема болбойт. Мындай үй-бүлөдө сүйүүнүн жана урмат-сыйдын болушу да мүмкүн эмес.

**5. Акча коротуу жагына маани бердик**

Ашыкча эле бышык же өтө эле акчаны чачкан адам менен келишүү да кыйын. Бирөө ысырап кылбоонун аракетинде ашыкча чачканын сындаса, экинчиси өтө эле бышык болуусуна каршы чыгат. Ошондуктан бул жактан алып караганда акча коротууга да маани берүү зарыл.

**6. Жашоо-шартынын, салтынын окшош болуусуна маани бердик**

Түгөйлөрдүн өскөн жерлери, салттары да абдан маанилүү факторлордон. Башка жер, башка салт, жашоо-шарты башкача болгон жагдайда чоңойгон адамдардын бир үй-бүлө куруусу бир топ эле кыйынга турат. Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн көп нерсеге бел байлоо керек.

Үй-бүлө курууда эки адамдын көз карашы, салты окшош жана бир чөйрөдөн болгондорду тандоо турмуш тизгинин тартуу жеңилирээк болот. Албетте, бул муну менен эле башка нерселерге көңүл бурбоо деген мааниге келбейт.

**7. Алган билимибиздин, түшүнүгүбүздүн жана маданиятыбыздын жакындыгына карадык**

Түгөйлөрдүн алган билими, маданияты жана жашоого болгон көз карашы бири-бирине жакын болуусу абзел.

**8. Жашоо-шарттын деңгээлинин бири-бирине жакын болуусу**

Түгөйлөрдүн материалдык жактан бирдей деңгээлде болуусу да маанилүү көрүнүш. Колунда бар, бай болгон түгөйдүн бирөөсү өзүн жогору коюп, байлыгына ишенип, чирениши ыктымал. Ал эми колу жупуну болгону сатылган буюмдай өзүн жаман сезет.

**9. Жаш өзгөчөлүгү жана психологиялык жактан турмуш курууга даяр экендиктерин тактоо**

Түгөйлөрдүн бирөөсүнүн жашынын өтө эле кичине, экинчисинин чоң болуусу жана психологиялык жактан турмуш курууга даяр эместиги олуттуу проблемаларды жаратышы мүмкүн.

**10. Мүнөздөрдүн туура келиши**

**11. Ичимдик, тамеки колдонбогондугуна маани берүү**

**12. Жасалма көрүнбөй, кандай болсо, ошондой болуу**

**13. Башка бирөөнүн мактоосу же тескерисинче жамандоосу менен эмес, өз эрки менен турмуш курууга чечим чыгаруу**

Турмуш курууга чечим чыгаруудан мурда жогорудагы санап өткөндөрдөн кийин кабыргаңыз менен дагы бир жолу кеңешип, жүрөгүңүзгө кулак салып, чыныгы сезимиңиздин бардыгына ишенгенден кийин гана «макул» болуңуз.

Мына ушундай же ушуга окшош изилдөөлөрдөн чыгарылган чечимдерден кийин курулган үй-бүлөлөрдүн өмүрү узун, түбөлүк болоорун эске сактоо менен бирге түгөйлөр бири-бирин канчалык жакшы тааныса, үй-бүлөсү да ошончолук бекем болот.

# Балаңыз 4 жаштабы?

4 жашар баланын мээси он миллиардга жакын мээ клеткаларына ээ. Анын өмүр бою адат кала турган аракеттери кичинекей кезинде, ал эми мүнөзү окууга барганга чейинки убакта калыптанат. Бул убакта жаш балдар өзүнө үлгү боло ала турган бирөөнү издешет.

Төмөндө 4 жашар баланын эмне жасай алары, кандай болору тууралуу айрым өзгөчөлүктөрдү жалпылап берүүгө аракет жасадык.

4 жаш – баланын каалаган эле нерсесинин заматта аткарылбоосуна түшүнүү менен кароону үйрөнө баштаган кези. Күтүүнү жана оюнчуктарын бөлүшүүнү, «эмне үчүн?», «эмнеге?», «кандай?», «качан?» деген суроолорду тынымсыз эле көп бере баштаган учуру болот.

Өтө кыймылдуу, энергиялуу, жүгүрүүнү, кыймылдуу оюндарды жактырат. Тепкичтен чоң адамдай чыгып, бир нерсени көрсөтсө, үлгүсүнө карап өзү жасоону жактырат (көпүрө, үй ж.б.у.с. нерселерди). Калемди кадимкидей кармап колдоно алат. Окшоштуруп үйдүн сүрөттөрүн, өзгөчө адамды тартканды абдан жактырат. Сүрөт тартардын алдында «мен азыр муну тартам» деп сөзсүз айтат. Негизги төрт түстү айырмалап, жакынкы болгон окуяларды, атын, фамилиясын, жашын жана үй дарегин айта алат. 20га чейин жатка санап, тамаша, анекдотторду жактырат. Китептерди барактап, сүрөт кароону, жомок же кызыктуу окуяларды угууну жакшы көрөт. Болгон окуяларды угуп, кез-кезде чын-жалган аралаштыра кыялданып, бир нерселерди айтып берет.




Тамактанганда кашык-вилканы кадимкидей колдонуп, колдорун жууп, кургатып жана тиштерин тазалайт. Кийимдерин өз алдынча чечип, кайра кие алганы менен топчулоодо, бут кийимдин боосун байлоодо бир аз кыйналат.

Абдан өжөр, көпчүлүк убакта өзү каалаган нерсесин кылат. Алар каалаган нерсесин жасабай койгон кезде чоңдорго каяша айтып, ошондой эле ойноп жаткан курбулары менен да уруша кетет. Бир адамды же көргөн нерселерин тууроону жана ар түрдүү кийимдерди кийип ойноону жактырат. Өзүнөн кичине бир туугандарына жакшы көңүл бургандыктан аларды сүйгөндүгү көрүнүп турат. Жаш балдарга арналган айрым ырларды жаттай алат.

# Айкөлдүн сүйүүсү – 14

## Тинттердин айтышы



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Кумурзстанда мезгил күзгө таяп, кумурскалар жан талаша күз күрөш кылып аткан убак. Айрыкча айыл чарбасы менен алек болгон кумурскалар үчүн ар бир көз ирмем баалуу. Тытынып эле жүрөт бечаралар. Ал эми шаардык кумурскалар болсо күн-түн, жаз-күз дебей чымылдаган немелер. Түрдүү коңуздарды минип, түркүн жалбырактарды кийип дегеле тыным албайт. Нары-бери, нары-бери шуулдашат чиркин. Деги Кумурзстанда кумурскалар жакыр жашайт деген менен деле жөө баскан кумурска көрбөйсүң. Кыскасы, жашоо ушундай өтүп аткан. Анан эле капилеттен шумдуктуу окуя болуп кетти. Элдер чуулдап эле кулак түрүп калышты. Көрсө айтылуу Хош шаарында тинттердин айтышы башталыптыр.

- Айтыш болоорун эртерээк айтып коюшса биз деле бармак экенбиз, - деп далай кумурска наразы болуп жүрдү.

Кээ бири болсо,

- Булар негизи эле ушундай талантуу адамдар. Тинттин баары ушундай, - деп компоюп койду.

Айтмакчы, тинттер чынында эле өтө таланттуу келет экен. Айрыкча ошол Хоштун тинттери тим эле төгөт экен чиркин. Жетекчиси кызматчысынан өтүп, кызматчысы жетекчисинен өтүп төгүп атышты.

- Гаак гаак маза фак! Ай ноу бейби уат ю вант, - деп жетекчи тинт далайга төктү эле беркиси андан өтүп жооп кайтарды.

- Маза фака, маза фак. Ду ю вана уат ай вант. Маза фак маза фак, гоу ту хом энд кис май бак.

Экөө ошентип төгүп атышты, төгүп атышты. Ушунчалык улуу, ушунчалык маанилүү сөздөр менен төгүштү дейсиңер, тим эле уккандар өз кулагына ишене албай, бир сөзүнө түшүнсө бир сөзүнө түшүнө албай баштары катып, оздору ачылды. Деги Кумурзстанда акыркы убакта ким эмне иш кылат түшүнүксүз болуп калчу болду. Мисалы, тинттер минтип айтыш өткөрүп «жылдыз» болуп атса, жылдыз болчу кумурска бирөөлөр менен буурчак талашып жүрөт. Каралар хайлалооо барып данекбаш болсо, данекбаштар бир күнү кара болуп чыга келишет. Кимиси ким экени белгисиз кыскасы.

Баса, данекбаш демекчи, тинттердин айтышынан кийин ыр кесенин кезеги данекбаштарга жеткен экен. Булар дагы чекеден өнөрлүү болушат окшойт. Демейки аттуу-баштуу чечендери чыгат экен деп турсак капкайдагы аты чыкпаган Сотсуял Дөөбрат мырмкиясынын данекбашы Гакул бек Сульта тинттер менен батлга чыгып, батылдата согуп кирди.

- И тер и тер и тербек, маза фака кис йор бек. Ду ю вана плей вит ми, и тер бейби, и тер ми.

Бул данекбаштын мынча акын болуп кеткенин ким билиптир. Ал тургай тинттер да жооп таба албай калышты. Ошентип жаңы эле тинттерге жеткен атак-даңкты данекбаштар бир заматта илип кетти. Эми булардан кайра алса-алса тинттер эле алат го. Башкалар буларчалык кызыл тилин кайрай албайт эмеспи.

Бирок кээде бул тинттерди да кынына киргизип койчу кумурскалар чыкчу болду. Өткөндө эле алыскы Типка уячасында жашаган кумурскаларга тинттер тийише койгон экен, алар тинттерди шапалактап коюптур. Өнөрүнө да, кызыл тилине да карабаптыр.

Негизи окуя мындай болгон экен. Күз келип баары жыйым теримге киришкен соң типкалыктар дагы жыйым теримин баштаган го кыязы. Ал тургай берилип кетип хаха-куурайдан бери терип башташтыптыр. Ошондо баягы акын чалыш тинттер келип, акындыгын баштабайбы. Эми алардыкы белгилүү да, такыр жөн сүйлөбөйт эмеспи. Негизи ошол тилинен да табат да куурагырлар. Элдин баарын эле өздөрүндөй өнөрлүү деп ойлошобу, айтор дайыма тыякбыякты айтып, жарып сүйлөшөт. Ал эми ансыз да хаха-куурай терип жүрүп кармалган немелер алардын акындыгын уруп ойнойбу. Тергени тиги болсо, кармалганы булар болсо. Шаштысы кеткен немелер шапалактарын сууруп чыкпай жаны жокпу. Мына анан кокуйлаткан экен бечара тинттерди. Байкуштар үнү көккө жетчүдөй өкүргөндө чыр-чыр этип чыркырап жүргөн чегирткелер тынчып, уясында уктап жаткан үлүл чочуп ойгонду дейт. Ал тургай «экинчи хаха-куурайга тийишпейбиз» деп убада да берип ийишкен имиш.

Мына ушундай укмуштуу кумурскалар бар Кумурзстанда. Хаха-куурай өзү чынында өтө зыяндуу нерсе. Анын бир бүдүрүн татып алган кумурскага жөргөмүштөр жөжө болуп көрүнүп калат дешет. Баягы бир жылдары уяхан Шаша Хахамбай дагы көпчүлүктүн алдына чыгып сүйлөй албай, дөөрүп калган болчу. Кийин ал «мага бир балээ берип коюшуптур» деп чыккан. Балким ошондо да ушул хаха-куурайдан берип коюшкан болушу мүмкүн.

**Сунуш жана пикирлер үчүн: saresepaikol@mail.ru**

# Мага кулпунай менен бергиле

Бир күнү кадимки эле дөңгөлөк желимдөөчү жайга бир дөңгөлөгү жарылган өтө кымбат баалуу унаа келип токтоду дейт. Карашса эле ичинен тим эле тыкчыңдай кийинген, чачы-башын келиштире боёгон керилген келинчек чыга келбейби. Жедеп адис болуп бүткөн немелер жөн турабы, шак эле дөңгөлөктү чечип, ары-бери жамап баштаптыр. Берки керилген келинчек болсо сыйпалама телефонун бир сыйра сыйпаламыш болуп, кулакка тыкмасын кулагына тыгымыш болуп, таш балакеттин баарын билген билерманына чалып сүйлөшүмүш болуп каадаланып туруп калат. Аңгыча эле шуулдаган жигиттердин бирөөсү капилет суроо берип калды дейт керилген неменин шаштысын кетирип.

– Сиздикин кандай аба менен үйлөтөлү? – дебейби ал эргул бир жым этпей туруп. Мындайды ойлоп коюптурбу кайран сулуу? Сыйпаламасын сыйпалап, кулакка тыкмасын жулмалап бир саам турат дагы,

– Кандайы бар эле силерде? – деп сурады дейт. Ошондо баягы ажыкыс түгөнгүр ого бетер мостоюп туруп,

– Бизде апельсиндүүсү бар, кулпунайлуусу бар. Ал тургай дарбыз менен коондун жыты кошулганы да бар, – деп жооп кайтарыптыр. Баягы сулуу болсо бир саам ойлоно калып анан,

– Кулпунайлуусу канча? – деп сураган экен. Булардын маегин угуп тургандар же нары басып кетип кала албай, же күлкүсүн тыя албай күйпөлөктөп эле күдүңдөп калышты дейт. Күлкү таппай зеригип турган немелер окуя андан нары кандай уланат деп турушса керек да. Ошондо кайран ажыкыз дагы эле баягы мостойгонунан тайбай туруп,

– Төрт дөңгөлөккө сегиз жүз сом, – деп кашайткан экен. Керилген келин аянабы андайдан. Сегиз жүз сомду шатырата санап берип, компоюп басып кеткен имиш. А баягы түгөткүр болсо кебелбей гана төрт дөңгөлөктү үйлөтүмүш болуп, сегиз жүздү сол чөнтөккө кымырып баса берди дейт.

Ошондон 3 күн өтпөй баягы эле желимдөөчүлөргө баягыл эле кымбат машина токтобойбу. Бирок бул жолу ичинен керилген колукту түшпөй, келишкен мырза чыгыптыр. Унааны жазбай тааныган балдар кымырылып же кача албай, же каткырып тосуп чыга албай дагы күйпөлөктөп калган экен. Аңгыча баягы киши,

– Мындан 2-3 күн мурун ушул жерден мобу машинанын дөңгөлөгүн ким үйлөттү эле? – деп сурабайбы. Беркилер ого бетер кымырылып «эми эмне балээ башталганы калды?» дегенсип жымырыла калышат. Баягы киши такып туруп алган соң берки балдардын чоңу айла жок суурулуп чыкпайбы.

– Ооба, биз үйлөткөнбүз машинаңызды. Эмне болду? Кандайдыр бир маселе барбы? – деп бир эсе билбемиш боло көкүрөгүн тоспойбу кайран неме. Ошондо жанагы мырза ага миң сомдукту сунуп жаркылдап күлүп туруп минткен тура:



– Баракелде балдарыңа! Унаанын дөңгөлөгүн кулпунайдын абасы менен үйлөткөнүңөрдү колуктуман угуп алып үч күндөн бери боорум эзилип уктай албай жүрөм.

Ошондо ансыз да жүрөктөрү кыпылдап араң турган немелер дуу жарылып эле күлүп жатып калышкан экен. Мына туугандар, кеп ушундай. Деги биз бул келинчектей аңкоолук кылбаганыбыз менен, кай бир ажыкыс адистер бизди далай эле тамашага салып жаткандыр. Ай деги азыркы ажыкыстарга ишенич жок го чиркин...



# Кытайда окуу бизге ыңгайлуу

Каарманыбыз Мирлан Жолдубаев Кытайдагы Ланьчжоу университетинин Эл аралык мамилелер боюнча магистратурасында окууда. Ал Кыргызстанды таанытуу үчүн ар кандай иш-чараларга, спартакиадаларга катышып, башка өлкөлөрдөн озуп, ар кандай сыйлык, медалдарды алып, Кыргызстанды таанытууда. Кытай ЖОЖдорунда күчтүү билим жана тарбия алса болот дейт

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## Тил чөйрөсүнө жакын экенимди байкадым

2009-жылы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Кыргыз-кытай институтуна тапшырдым. Кытай тилин окуп баштаганда тил чөйрөсүнө жакын экенимди байкадым. Кытайга барууга кызыгуум уламдан-улам күчөп, 2-курсту бүткөндөн кийин Кытайдан билим алып келүү үчүн аттандым. Менин эң негизги максатым – татыктуу билим алып келүү. Кытайда биротоло калуу, ал жерде иштейм деген ой жок. Кудай буюрса, окуумду ийгиликтүү аяктап келсем эл үчүн кызмат кылам. Учурда Ланьчжоу университетинде "Эл аралык мамилелер" боюнча магистратураны жактап жатам.

## Эки элге көпүрө болуп, Кыргызстанды таанытуу

Мен 2011-жылы Кытайга тилди өздөштүрүү үчүн баргanмын. Кытай тилин окуп баштагандан кийин анын татаалдыгын жана тил чөйрөсү маанилүү экенин сездим. Негизи тил үйрөнгөндө аны менен кошо ошол мамлекеттин тарыхын, маданиятын билүү зарыл деп ойлойм. Биздин КУУда 59 мамлекеттен келген 500 студент бар болчу. Мамлекетибиз тууралуу алар көп нерселерди билбегендиги мени кыжырлантчу. Кытайлыктардын Кыргызстан деген мамлекетти билбегендиги өкүндүрөт.

Кыргызстанда менин кесибим мугалим болчу. Кытайдан тилди өздөштүргөн соң, ойлор дагы өзгөрүп, мен 2-курстан кийин Кытай өкмөтүнүн стипендиялык программасына документтерди тапшырып, Ганьсу провинциясынын Ланьчжоу шаарындагы "эң жакшы" деп аталган Ланьчжоу университетинин эл аралык факультетин тандоону чечтим. Азыр магистратурада окуумду улантып жаткан кезим. Анткени эки элдин достугу, эки элге көпүрө болуп, Кыргызстанды башка мамлекетке таанытуу маанилүү деп эсептейм.



## Атаандашуу кытайлардын канына сиңип калгандай

Менин негизги максатым тил жаатындагы деңгээлимди көтөрүү болчу. Кытайга келгенде алардын билим берүү системасында биздин мамлекет менен салыштырмалуу өтө чоң айырмачылыктар бар экендигин байкадым. Мугалимдердин сабак өтүүсү, алардын студенттерге болгон мамилеси жана студенттердин жашоосуна, окуусуна керектүү болгон бардык шарттардын түзүлгөнү мени тез эле арбап алды. Мындан тышкары кытай элинин маданияты, элинин тынымсыз тырышчаактыгы жеке мага аябай чоң таасир берди. Мисалы, кытай студенттери эрте менен саат 7–7:30да эле китепкана ачыла электе барып, кезекке турушат. Кээде китепканага барсаң чондугуна карабай орун жок болуп калат. Студент өзүнүн тандаган кесибин аябай изилдеп окуйт. Кытайда аябай атаандашуу болот. Алар кичинекей кезинен баштап эле "андан ашсам, мындан жакшыраак жашасам экен" деп атаандашышат экен. Бул сезим алардын канына сиңип калгандай.

## 2-3 студентке бирден жетекчи коюлат

Кытайда мугалим менен студент бирин-бири аябай сыйлашат. Мугалимдин айтканы студентке мыйзам. Кытайлар китепти абдан көп окушат. Бизде болгону чет жактан келген 9 студент бар, калганы кытайлар. Мугалим бул китепти же макаланы окугула десе, алар кийинки сабакка чейин окуганга жетишет. Ар бир 2–3 студентке бирден жетекчи коюлат. Ал студент магистратураны бүткөнгө чейин жетекчи менен чогуу иштешет. Алар үчүн өзүнчө аудитория бөлүнөт. Мугалим студенттин окуусун аяктаганга чейин жардамчы. Окуудан тышкары мугалимдер университетке барып иштешет. Мугалимдер үчүн жакшы шарттар түзүлгөн. Мугалим кандай тапшырма берсе, студенттер аны аткарышат.

## Мекенибиздин атын чыгарыш үчүн ар кандай аракеттерди кылабыз

Чет элде жүргөндөн кийин патриоттук сезимибиз күчөп, мекенибиздин атын чыгарыш үчүн ар кандай аракеттерди жасайбыз. Кытайга келгенде университетте ар кандай спорттук иш-чаралар өткөрүлүп тургандыгын уккан соң өзүмдүн күчүмдү сынап, Кыргызстандын атын чыгаргым келди. Университетте жыл сайын өткөрүлүүчү жеңил атлетика боюнча жарышка даярданып, катышууну чечтим. Окуу жайыбызда дүйнөнүн 53 мамлекетинен келген 500 гө жакын студенттин арасынан биринчи жолу алтын жана күмүш медалдардын ээси болдум. Андан тышкары 1500 метрдик алыстыкка чуркоо жана 800 гр топту алыстыкка ыргытуу боюнча университеттин рекордун жаңылаганга жетиштим.

## 279 бюджеттик жогорку окуу жайда ар түрдүү кесипке окуса болот

Кытай Эл Республикасынын жогорку окуу жайлары кытай тилин окуйм же Кытайдан билим алам деген чет өлкөлүк жаштарга ар түрдүү өкмөттүк, провинциялык, шаардык, университеттик, ректорлук, ишканалык, толук жана толук эмес бюджеттик негиздеги орундарды сунуш кылат. Андан сырткары акча төлөп окуганга шартың болсо, каалаган жогорку окуу жайынын эшиги сен үчүн ачык. Кытай Эл Республикасы дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн студенттерине жана мугалимдерине бюджеттик негизде билим алуучу стипендия программасын негиздеген. Бул бюджеттик орун боюнча азыркы убакта Кытайдын 279 жогорку окуу жайында ар түрдүү кесип боюнча билим алууга болот. Бул программа толук жана толук эмес бюджеттик болуп бөлүнөт.

## Кытайлар абдан сабырдуу келишет

Кытайда бош жүргөн адамды көрбөйсүң. Кытайдан Кыргызстанга делегация келип калса, "Силер аябай тынч калк экенсиңер" деп айтышат. Кытайда биздикиндей болуп, бир күн уктап калсаң, эртеңки күнү жей турган тамагыңа акча таба албай каласың. Ошол себептен алар чуркап иштешет. Бизде үйдө тамактанат го, а ал жакта көбү сыртта тамактанат. Иштен кайтканда тамактанып, анан үйүнө барып, эрте жатышат. Эрте жатып, эрте турушат. Кытайлардын жакшы жана жаман дагы сапаттары бар. Алар абдан сабырдуу келишет, бирок коомдук жайларда өзүн алып жүрүүдөгү жана тамак ичип жаткандагы маданиятсыздыгын көп байкаса болот.

## Иштегенге уруксат берилбейт

Бизге университеттен ар бир айда стипендия берилип, иштегенге уруксат берилбейт. Эгерде мугалим иштегенинди билип кала турган болсо, окуудан чыгарып салат. 2015-жылдан баштап, тил окуусун тандаган студенттер үчүн стипендия 400 доллар болду. Ал эми магистратурада окугандарга 500 доллар стипендия берилет. Докторантурада билим алгандардыкы – 600 доллар. Пекин, Шанхай сыяктуу өнүккөн шаарларда бул стипендия жетпей калат.

## Кыргызстандык студенттер ынтымактуу

Мен окуган шаардагы кыргызстандык студенттер ынтымактуу. Ар кандай фестиваль, майрамдарда кече уюштуруп, чогулуп турабыз. Кандай жакшы шарт болсо да, туулган жер көздөн учуп, сагынасың. Мисалы, өзгөчө аба ырайын, жаратылышын, суусун. Бул жерде сууну сатып алып ичебиз, ошондуктан Кыргызстандын суусунун кадырын билип жатабыз, ошондой эле өзүбүздүн тамак-ашыбызды. Өз жериңден алыста окуп жүргөндө Кыргызстандан жагымдуу кабарларды угуп турсаң сүйүнөсүң. Ошондуктан Кыргызстанга жаркын үмүтүм менен каалаарым өлкөбүз тынчтыкта өсүп, өнүксүн. Чет жакта окуп жүргөндөр жаман нерселерден алыс болуп, элибизге ийгиликтүү жетишкендиктерди алып келсин.




Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Батыбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**SMM:** Айжамал Бейшеналиева
**Design:** Эдил Айдаров

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 4800
**Буйрутма № 2154**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.